Чолпон Асейинова



# Гүлазык

С(Кыр)
А 90

*Чолпон АСЕЙИНОВА*

Көкөлөп учуп, ойлорум кызык,
Гүлазык болуп, жашоону ысыт.
Жүроктүн гүлү, сүйүүнүн пири,
Тазалай бергин, жолотпой кирди!..

К

# Гүлазык

(Тандалма ырлар жыйнагы)

Бишкек – 2021

УДК 821.51-1
ББК 84(5кир) -5
А-90

Асейинова Ч.
А-90 Гүлазык: Ырлар – Б.: 2021.
ISBN 978-9967-9375-0-5

Бул китептин автору - улуттук медицинанын ардагери, жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери Чолпон Асейинова 2005-жылы окурман журтуна Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиевдин баш сөзү менен чыккан "Жер-Аалам" аттуу алгачкы ыр жыйнагын тартуулаган. Азыр сунушталып жаткан экинчи жыйнагы да – жашоо-өмүр жана жашаган заманга ар качан ойчул жана сезимтал караган тынч албас жан-дүйнөсүнүн ачык-курч поэтикалык сыр төгүүсү.

УДК 821.51-1
ББК 84(5кир) -5

ISBN 978-9967-9375-0-5

© Асейинова Ч. 2021

[illegible] им. К. Баялинова
[illegible] № 489713

## Жарык дүйнө, сен кымбатсың

Тирүүлүктүн өлүмү бар - ачуу чындык,
Тирликтерге алаксыткан жашоо кызык.
Калтырып Жер-Эненин кучагында,
Мезгилдер кете берет куштай сызып,
Өмүрлөр өтө берет октой учуп.

Жаралып жарык дүйнө келгендерди,
Жараткан, билсең боло аяганды.
Болбосо, жоогазындай курбалдаштар,
Азайып арабыздан, кайда калды?

Жылдыздай каректерден жалын өчүп,
Саргайган жалбырактай жайланарбы.
Аттиң ай, өмүр деген кереметти,
Өзгөчө, өкүнбөй жашаганга айла барбы.

Өмүрдү өлүм менен кармаштырган,
Дүйнөдө жашоо деген сүйүү таптык.
Болсоң да бирде ачуу, бирде таттуу,
Баары бир, жарык дүйнө, сен кымбатсың!

Өзүңдөн алган ысык демиң менен,
Жашоого кумарланып дайым жашпыз.
Канчалык түйшүктөрүң жеңген сайын,
Ошончо ачылгансыйт таалай-бактың.

Айда алтын, күндө күмүш күндөр өтүп,
Түбөлүк тирүүлүктүн отун жаккын,
Керемет, берекелүү мээрим менен,

Жашоого бакыт, таалай, сүйүү чачкын.
Кадырым баалашпайт деп капаланба.
Жарыгым! Ай-ааламга сен кымбатсың!

*2017-жыл*

## Закым

Кең дүйнө, кеңдигиңе баталбадык,
Керилип кенебестей жаталбадык.
Күнүмдүк түйшүктөрдүн жетегинде,
Көркүңө көңүл эргип басалбадык.

Бороондо боор төшөп сабаладык,
Караңгы түндөрүңдө карайладык.
Сананын салып турган салмагынан,
Жан-дүйнө жабыркатып жараландык.

Азгырган байлык-мансап жарышында,
Кадырын жарык дүйнө сезалбадык.
Куюндай алып учкан мезгилдерди,
Кубалап биз артынан жеталбадык.

Өмүрдүн өтө кыска өргүүсүндө,
Өкүнбөй бул жашоодон өталбадык.
Ашкере ач көздүктүн азабынан,
Агартып ниетибизди кеталбадык.

Катылган тогуз катар сепилинде,
Ааламдын сыр дүйнөсүн чечалбадык.
Бүгүн бар, эртесинде закым болгон,
Жашоонун жалганынан качалбадык.
Кең дүйнө, кеңдигиңе баталбадык.
Кадырын жарык дүйнө сезалбадык.

*2013-жыл*

## Кыйнабагын

Жашоонун ташкындаган дайрасында,
Өткөнүн убакыттын туйбагамын.
Асмандан учкан жылдыз жарыгындай,
Жаштыгым, сагындырып кыйнабагын.

Сеземин өмүрүмдүн сыйгалагын,
Серептеп өткөндөргө жылмаямын.
Себепкер болсоң дагы, карылыгым,
Селки кез, сагындырып кыйнабагын.

Урматтап улуу сезим сыйлагамын,
Укқансың жүрөктөрдүн туйлаганын.
Басылбай таңдан кечке балдар үнү,
Кучакка кубанычтар сыйбаганын.

Тагдырым тартуулаган таалайыма.
Түбөлүк өмүрлүк жар кыйбаганым.
Балбылдап маңдайымда жанып турган,
Байлыгым: балдарым, досторум, туугандар –
Силерсиңер жыйнаганым.
Асмандан учкан жылдыз жарыгындай,
Жаштыгым, эми мени кыйнабагын.

***2015-жыл***

## Ысык-Көл

Ааламдын сересине чыккандай,
Туралбаймын күндө сага суктанбай.
Кыргызымдын ырыскысы-бактысы,
Анан кантип жүрөм сени кызганбай.

Сулуулугуң эстен танып жыккандай,
Толкундарың симфония уккандай.
Салкын абаң чаалыкканда дем берет,
Мүрөк суусун кере тартып жуткандай.

Тазалыгың шүүдүрүмдөй мөлтүрөп,
Асман чөгүп, арзуу күүлөр чертилет.
Ак булуттар, ак кууларың бийиктен,
Чакыргансыйт бизге жакын келчи деп.

Алоолонуп чыгыш жактан таң атса,
Ай-каныша аалам кезип баратса,
Чолпон жылдыз көзүн ымдап жымыңдап,
Көл үстүндө күндө жаңы тамаша.

Аппак тоолор бир-бирине жанаша,
Суктандырат сулуулукту талаша.
Толкуганда төгүлбөсүн дегенсип,
Тосушкансыйт тамчы суунду аяша.

Табиятка бир жаралган сулуулук,
Ысык-Көлүм чалкып жатат кубулуп.
Түбөлүккө жашай бергин муздабай,
Ай-ааламга чачып сүйүү, жылуулук.
Ысык-Көлүм, толкуй бергин кубулуп,
Дүйнөдө жок бир өзүңдөй сулуулук!

***2014-жыл, июль, Жети-Өгүз, Барскоон***

## Асман – жер, эркек – аял
(Алтын чынжыр)

Жараткан ай, кандай чебер колдоруң,
Жалгыз өзүң ойлоштуруп оң-солуң,

Жаратыпсың жандуу, жансыз дебестен,
Жупташтырып орду менен эң сонун!

Эркек – аял салыштырсаң жашоосун,
Асман – Жерге окшоштугун байкайсың.
Чиеленген ааламдагы – алтын жип,
Байлаштырган чынжырлары космостун.

Жер – Энеге, Асман – Атага айкашып,
Ортосунда улуу турмуш кайнаган.
Эркек – Аял, бир-бирине жанашып,
Үздүрбостон турмуш жибин байлаган.

Аялдардын мүнөздөрүн байкасаң,
Жер-Эненин касиетин кайталайт.
Улам жаңы жашоолордун башаты,
Турмуш отун өчүрбөстөн – кайтарат.

Берекелүү, мээримдүү – Энелер!
Жерге окшош, мөмөлөрү төгүлгөн.
Топурагы туулган жердин дем берет,
Энеге окшоп – сылап турган көкүлдөн.

Мөмө берет – жер багуусу жарашса,
Чырпыктардан - чынарларды жаратат.
Төшүн тосуп элин-жерин коргогон,
Жалтанбаган шерлерди Эне жаратат.

Көктөн жамгыр, күн нуру төксө эркелеп,
Жердин бети көк майданга сеңселет.
Турмуш жолдо – Ата коштоп жүрбөсө,
Жалгыз Эне – өзү кайдан көгөрөт?

Жаралгандан эркек күчтүү, акылдуу,
Айкөл келип, кечиримдүү, батымдуу.

Эркектердин сулуулугу өзгөчө,
Эл-журтуна керектелчү – баатырлык!

Азаматтын сулуулугу үйгө эмес,
Туулгандан арналат ал калкына.
Ай, күн менен жылдыздардай жаркыган,
Ар өлкөнүн баатырлары бар тура.

Жаратылыш эркектерге өзгөчө,
Асыл сапат берген экен көбүрөөк.
Ааламды белек кылып тапшырып,
Эркелетип келгендиги көрүнөт.

Эркектердин келет баары колунан,
Анткени анда мүмкүнчүлүк көбүрөөк.
Ээ болушуп жетекчилик тактыга,
Тарыхты да каалагандай өзгөртөт.

“Эркек баатыр” – ачууланса сүрдөнүп,
Нөшөрлөгөн кудум жамгыр, чагылган.
Жер үстүнө салып алар жаңжалды,
Элдин каны кээде суудай агылган.

Эрке аталар, эркеликти койсоңор,
Эске келип каталыкты жойсоңор.
Эл тагдырын алып өз колуңарга,
Жаратканга жардамчылар болсоңор!

Табияттын мамилесин карасаң,
Бир-бирине өтө кылдат карашкан.
Алай-дүлөй башаламан кылбастан,
Ааламдын зор кемесин кыйшайтпай,
Акыл менен алдыга айдап бараткан.

Эбегейсиз зор күчүнө суктанып.
Таазим кылып таң калабыз, Жараткан!

Жараткан ай, кандай чебер колдорун,
Жалгыз өзүн ойлоштуруп оң-солун.
Жаратпсың жандуу-жансыз дебестен,
Жупташтырып орду менен эң сонун.

***1996-жыл, Тегеран***

## Тегеран

Калдайган кааранындан, карт Тегеран,
Сен алпсын, мээримдүү көшүп жаткан.
Тарыхтын барагында алтын тамга,
Кызматың тынчтык үчүн жаркыраган.
Алдыңа тизе бүгүп салам айткан -
Улуу Манас чөбүрөсү, кыргыздардан!

Кулпурса аалам күйүп-жанып ар түстө,
Коркүн ачкан сен да ажайып гүлдесте.
Жылдыздары адамзаттын - Фирдоуси,
Саади, Хафиз, Хайамдар,
Мекендешип жашап өткөн бир кезде.
Бүгүн дагы келатасың калышпай,
Дүңгүрөгөн дүнүйөлүк мелдеште.

Бир карасам, акылман атадайсың,
Бир карасам, мээрман энедейсин.
Бирде туруп назданып суйкайганда,
Бойго жеткен кыялкеч перидейсиң.
Бирде туруп айбаттансаң сүр алып,
Кайраты күч сен кабылан-шердейсиң.

Бардыгы бир өзүңө жарашкан,
Фарсы элинин ордо шаары – Тегеран.
Тамыр жайып көктү карай өсө бер,
Чыгыш элде чачыраган сен чынар.
Түркүгү бол дүйнөдөгү тынчтыктын,
Сүйгөн шаарым. касиеттүү Тегеран!

Тилегим бул: жашай бергин кылымдар,
Болсоң деймин Бишкегиме бир тууган.
Көпүрөсү бекем болуп достуктун,
Калк каалаган кооз шаарлар курулар.
Гүлдөп-өсүп Мекенибиз кулпурсун,
Кубат алып ыйык достук нурунан!!!

*29.06.1996-жыл, Тегеран*

## Тегерандын ысыгы

Бото көзүн бажырайтып күн сулуу,
Берешен жан, болгон эмес зыкымы.
Барпалаңдап жалын бүркөт баарыга,
Бах, чиркин ай, Тегерандын ысыгы!

Жарыктык күн жерге түшүп келгенби?
Жылуулугун аябастан бергенби?
Жабыркашып тоолор дагы ысуулайт,
Жоготушкан ак моңгулүү селдени.

Жайдын толук, мээ кайнаткан аптабы,
Дүйүм жемиш көтөрө албай шактары.
Жер-Энеге Асман - Ата айкашып,
Зор сүйүүгө балкып жаткан чактары.

Жаратылыш берген ошол сүйүүдөн,
Жан-жаныбар кубат алып дүүлүгө.
Жарпты жазган музыкалар жаңырат,
Жашоо деген – симфония түрүндө.

*16.06.1996-жыл, Тегеран*

## Персеполис

Кылымдарды карыткан - Персеполис,
Дөөлөр-шаалар жашаган бийик конуш.
Урпактары калтырган улуу издер,
Уйпаланбай келиптир желип-жортуп.

Оодарылбас-төгүлбөс бул дүйнөгө,
Алтын казык түркүккө айлангансың.
Бачырата кесилген аска таштан,
Байыркы шаар персинин, жарадгансың.

Алоолонуп бир кезде күйүп-өчкөн,
Ачып бердиң доордун зор капкагын.
Өтсө дагы мезгилдер алчыланып,
Сулуулукту андагы сен сактадың.

Байкерчилик замандар өткөн экен,
Байыганы жашаган чексиз кенен.
Байкаштырып өткөндү, ойго батып,
Байкабастан тарыхка кирип келем.

Ай-талаада керемет качырагтыр,
Айдай сынык ааламга чачыраптыр.
Айлансаң да үйүлгөн урандыга,
Айга-күнгө теңелген асыл затсың.

Кан талаада керемет качыраптыр,
Кайран калаа күзгүдөй чачыраптыр.
Колдорунан жаралган усталардын,
Күлүп турган чыгышта асыл затсың.

Шерлер анда колуна канжар алып,
Кабыландын капталын оюп алып,
Кебелбестен кабелтең кекиреет,
Каармандык кирпикке тагып алып.

Тунжураган жоокерлер тизилишет,
Толгон-токой жандыктар сүзүлүшөт.
Турна моюн, керилген мунаралар.
Созолонот менменсип көктү жирен.

Шаанилери шахтардын билингенсийт,
Шерлер-хандар ийилип жүгүнгөнсүйт.
Шектүү карап сурданган үрөйүнөн,
Шордуу эли чурулдап бүлүнгөнсүйт.

Хан ордого агылган калайык-калк,
Тапкандарын белекке тартышкансыйт.
Түбүң түшкөн казына толоор эмес,
Түк калтырбай болгонун калпыгансыйт.

Шуудурата кийишип жибек кымкап,
Шыңкылдаган кыз-келин үлпөт курат.
Кожолордун жарлыгын аткарам деп,
Кызматкерлер жүрүшөт мында чуркап...

Ал аңгыча добулбас кулак жарат,
Жер жайнаган жоокерлер толкун барат.
Жел жетпеген тулпарын чимириптип,
О, Жараткан, Кирий шах кайда барат?

Кызыктарын канжыга байлап алып,
Кылкылдата кербенин айдап алып,
Тунгуюктан көрүнгөн жарыгыңдан,
Келе берет адамзат пайдаланып.

Аска ташың ийилип кармаладым,
Аптабыңдан эркелеп аймаладым.
Алсырабай азыр да заңгыраган,
Азаматтык келбетиңе таң каламын.

Уламыштап таштарың айтып жатты,
Укмуштуудай доордун кайнаганын.
Эстеликке калтырып элесиңди,
Туу чокусун тарыхтын саймаладың.

Улуулукту калтыган өчпөс кылып,
Устаттардын колунан айланамын!

***1999-жыл, Тегеран***

## Перси жигитке

Аябастан табият - эне берген,
Айжаркын азаматтын келбетинен.
Ашык болгон селкилер бир көргөндө,
Атактуу перси элинин кулуну сен.

Жигитке аздык кылаар чырай деген,
Эрдик да, эмгекчилдик сенде кенен.
Ачуусу оңой менен келе койбос,
Ханзаада мүнөзүн бар солк этпеген.

Оозунда келмеси бар "тооба" деген,
Оздуктап кыйындыкты жеңе билген.

Адамдык касиетти бийик койгон,
Азаматсың чыныгы, кудай берген!

Жактырып асыл сапат мүнөздөрүң,
Кыргызымдын жигитинде болсо дегем.
Купулга толгон үчүн, кубангандан,
Калтырган каалоолорум болду төмөн:

Калкыңдын кыраан чыккан бүркүтү бол,
Кылымдар оодарылбас түркүгү бол.
Каныккан илим-билим, ийгиликке,
Ааламда ачылыштар үлгүсү бол.
Ак тилек, максаттарың орундалсын,
Акыйкат сапарыңа каалайм ак жол!

***3.03.1998-жыл, Тегеран***

## Карлыгач

Боз түшүп, чыйрыктырган шамал келет,
Бак-дарак кийми тытык, элеп-желеп.
Быт-чыты талкаланган булуттардан,
Бытырап күзгү жамгыр себеленет.

Күркүрөп берекелүү күз да кетет,
Кылычын жалаңдатып кыш да жетет.
Көктөмдө көкөлөгөн, көгүлтүр вальс,
Кар менен сапырылып, тебеленет.

Кеч күздүн шамалы да болуп тентек,
Кайдагы кусалыктын күүсүн чертет.
Капыстан короодогу карагайда,
Карылгачты отурган көрдүм селт деп.

Карылгачым, негедир муунуң бош да,
Каректериң кылгырып толгон жашка.
Кыйналсаң көп тиктеп конушуңду,
Коштоштуң го, кеткени жылуу жакка.

Элестеттим жай күнүн бир заматта,
О, анда биз жашаппыз шайыр-шатта.
Балдар үнү басылбай таңдан кечке,
Экөөбүздүн үйүбүз бака-шака.

Балапандар байланып - көгөндөлгөн,
Учуп түшүп, жоголуп өлбөйт деген.
Чырылдашып жабыла ооз ачканда,
Чарк айланып, жем ташып турар элең.

Карлыгачым, кыйын го эне деген,
Кыйналганы билинбей бала менен.
Жетилишип балдарың, жалгыз калып,
Жүрөгүңдү оорутуп жүргөн белең.

Жаштыгымдын жалынын сездирбеген,
Түйшүктөрдүн далайын өткөрдүм мен.
Тагдырыма сүйүнүп, жетине албай,
Таныркабай талпынып жүрүп келем.

Үйгө батпай бүгүн да чебелснем,
Үнду эште үмүткор тегеренем.
Үңүрөйгөн көнө албай жалгыздыкка,
Сагындырат садагасы неберелер.

Айбандабы, адамдабы - Эне бирдей,
Ашагым деп, жаманын койбойт сүйбөй.
Амандыгын тилейли кайда болсо,
Акыр бир күн кетишет тарап үйдөн.

Калбай суукка, тезинен жолго аттан,
Келгин куштар кайтышкан алда качан.
Канаттуунун ыйыгы асыл эне,
Конушуна кайрылып келгин аман.

Боз түшүп, чыйрыктырган шамал келет,
Бак-дарак кийми тытык, элеп-желеп.
Быт-чыты талкаланган булуттардан,
Бычырап муздак жамгыр себеленет.

*12.05.1998-жыл, Тегеран*

## Кыялдануу
(Жер-Энеге)

Кыялымда көк асманда булут жирен,
Жерди айлана чексиздикке сызгым келет.
Ааламда ак куу болуп бойду кере,
Жер-Энеге учурашып, эрмектешсек,
Сулуулукка андагы эстен тана.
Атаганат, карап турсам кумарлана!!!

Акыбалың, Жер-Эне, айтып анда,
Жашылдана, капаланып кайгырганда.
Жаш балача эркелете жашың сүртүп,
Жүрөгүмө кучактасам кыса-кыса.
Аттиң ай, жардам берип мен ошондо.
Көргөн болсом Жер-Энени кубанганда!

Толуп кеткен таштандылар силкип салып.
Тазаласам Жер-Энени шымаланып.
Жамгыр болуп сергитип, себеленип.
Жасалгалап көңүлүн көкөлөтүп.

Күн нуруна чагыла күлүп турган,
Чиркин ай, көргөн болсом Жер-Энени!

Жаратылдан айыктырсам өзүм көрүп,
Керек болсо сен үчүн жанды берип.
Канкорлорду жоготсок жер бетинен,
Эбин таппай эсирген сени жерип.
Кой үстүндө торгойлор уяласа,
Бах, чиркин ай, ажайып турмуш келип!

Көз уялткан келбетине жараштыра,
Кымкап менен шайыга бөлөп анда.
Кирпигиңе кондурбай чаңды дагы,
Күзөтчүң мен болгондо жанындагы...
Кыш чилдеде кайыгып кыйналганда,
Жалын менен жылытсам койнумдагы!

Кыялдарым токтоо бербей айланчыктап,
Жер-Эне, бир өзүңө алып учат.
Теңдешсиз, Теңир берген кереметсиң,
Кыйналсаң кыйналамын мен да сыздап.
Жашоолор түбөлүккө жана берсин,
Көңүлүң калбасынчы бизден муздап!

Өзү зор, көтөрүмдүү кайран Энем!
Чоң, кичине - баарына бирдей кенен.
Ааламды алты жолу айланса да,
Адамзат таппас чыгар артык сенден.
Кыялданам, Энекебай, мекенешим,
Кечиргин катачылык кетсе менден.

Канткенде сен жөнүндө толгонбоюн,
Койнуңда жыргап-куунап чонойгомун.
Жанымды курмандыкка чалсам дагы,
Билемин ал да сага аз болоорун.



... им. К. Баялинова
ННБ № 489773

Билиги жарык дүйнө бир өзүндө,
Болбосо, сенсиз кыйрап жок болбойбу.

Мен дагы энелердей ойлономун,
Каалаймын жерге тынчтык орногонун.
Балдардын келечеги кенен болуп,
Көрөлү гүлдөй жайнап ойногонун.
Мүрөктөй бир өзүңдөн атып турган,
Жашоонун булактары – сен соолбогун!

*20.10.1996-жыл, Тегеран*

## Чакырат асман

Кыялым курчутуп сезим,
Күчөтөт ойлорду баскан.
Кыйратып капкагын тордун,
Кыргыйдай зыпылдайт - качкан.

Чар тарап, чаңкаят асман,
Чырайын ааламдын ачкан.
Чакырат келгин деп бийик.
Чаңкаган тазалык чачкан.

Өзгөрдү балалык чактар,
Өчкөнбү сүйүүсү жаштар.
Өзөктө кыпкызыл жалын,
Өрттөндү сыйынган мазар.

Ажырап таалайдан-бактан.
Алсырап жетпеген аштан.
Адамдар кыйналып барат,
Арманды өткөрүп баштан.

Салышты жандарын отко,
Согушта пайдага саткан.
Соолуду күлгүндөй өмүр,
Солкулдап күнөөсүз баткан.

Жашоонун жайнаган жүзү,
Саргайып өңүнөн азган.
Толкуган тоң моюн заман,
Томсоруп жаакка чапкан.

Бактыны табабыз дешип,
Бардыгын базарга саткан.
Адам деп ойлобой калды,
Болбосо байлыгың, акчаң.

Теңирден тенчилик издеп,
Темине өзүңө шашкам.
Төгөрөк төрт бурчун кара,
Төгүлүп кайгы-муң жаткан.

Түйшөлүп ордумду издейм,
Турналар тизилген саптан.
Түбөлүк кетсем дейм безип,
Түйшүктөн Жер-Эне тарткан.

Кыялым кыйратып торду,
Кыргыйдай зыпылдайт - качкан.
Чакырат келгин деп бийик,
Шаңкайып таптаза асман,
Асман, асман...

*Тегеран*

## Убакыт

Эбегейсиз айланса шар огунда,
Калыщпастан, Убакыт, сен соңунда.
Жан-жаныбар жете алышпай күйүгүп,
Жок болушкан, оп тартылып жолунда.

Көз алдыда чимирилип ийиктей,
Убакыт, сен карматпаган кийиктей.
Алаксытып, кызыктырып тириликке,
Илип кеткен кууп жүрүп билгизбей.

Токто, токто, токто, Убакыт, качпачы,
Алып учпай таскагыңды астачы.
Барар жериң баарыбызга белгилүү,
Айдап барып, калганды жаппачы.

Аярласаң, бир азыраак шашпасаң,
Үстү-үстүнө камчыларды баспасаң.
Теңим менен көз кысышып калайын,
Карайлатып караңгына катпасаң.

Пайда кылган океанды, аралды,
Айыктырган айыкпаган жараны.
Сен сыйкырчы багындырган ааламды.
Суранарым: кудуреттүү Убактым,
Мүмкүн болсо, аясаң дейм адамды!

Өз колуңда тарыхтардын барагы.
Өткөн турмуш берип келет сабагын.
Өтүнүчүм: касиеттүү Убактым,
Өгөйлөбөй, өрдү карай сүрөп кой,
Өсүп кетсин кыргызымдын таалайы,
Өсүп кетсин элибиздин таалайы!

*19.08.1996-жыл, Тегеран*

## Искусствого

Жан-дүйнөнүн бөксөсүн толуктаган,
Жамандыктан адамдарды коруп турган.
Гүлазыгы көңүлдүн өзүң элең,
Жарты кашык болсо да тоюндурган.

Адамдарда асылдык өзүң менен,
Кылымдарга жаркырап тийип келген,
Аба, суудай жашоого керектелген,
Койгон максат сендеги болгон терең.

Уусу, балы аралаш таамп турган,
Жүрөктөргө ачкычтар таап турган.
Көктөмдөгү күттүргөн жамгыр элең,
Чанкаганда кандыра жаап турган.

Жылдыздарды бозортуп туман басты,
Жылаажындай шаңшыган шаттык качты.
Көөдөндөгү боштуктар күңгүрөнө,
Кагып калды капалык добулбасты.

Ичкен суубуз булганып, уу болдубу?
Жүргөн жериң таш боордук, чуу болдубу?
Абийирсиздик, ач көздүк өкүм сүргөн,
Ыйман качып, акчага кул болдуңбу?

Сулуулукту түрү сууктар тебелейт,
Улуулукту пасчылыгы жеңкелейт.
Белден батып батыштагы балчыкка.
"Айбан болду" – "адам" деген керемет.

Тарта бербей шум акчанын кордугун,
Тайманбастан, океандай толкугун.

Тазаланат таштандыдан жер жүзү,
Тартып кетсе тоодой болгон толкунун!

Кусалыктын жалынына өрттөбөй,
Күлө карап, жайнап турсаң көркүнө.
Коргошундай эрип кетсин бул дүйнө,
Кереметтүү нурларыңды төккөндө.

Адамдарда ойгот улуу сезимин,
Ардакташып сыйлап өтсүн бир-бирин.
Соолуттурбай, демине дем кошо көр -
Суктандырган ааламдын бир гүлүн.

## Касиеттүү аралым

(Үйүмө)

Бороон-чапкын урат туш-туш тарабың,
Бирде бүркөө, бирде ачык кабагың.
Башталышы Ата Мекен өзүңдөн,
Бар болгунуң, касиеттүү Аралым!

Мезгилдердин толкунунда жаралдың,
Мээнеттенип урдуң жашоо чабагын.
Майышпагын майданында турмуштун,
Мээримине али муктаж балдарым.

Келин болуп төрүңө өткөм керилген,
Кол кармашып, убай көрдүм теңимден.
Коломтодо куттуу отту жайнатып,
Келечекти сураганбыз Теңирден.

Улуу сезим бир өзүңдөн тарады,
Үмүттөргө үндөп алга адамды.

Алтын бешик, үлпөт тойлор өткөргөн,
Учкан уя - балдарымдын Аралы.

Туйгундарды учурганга жарадың,
Туурунда турат алар таранып.
Тобо деймин, толкунданып ичимден,
Кут болсун дейт сыймыктанып Аралым.

Уютусу болгон адам баласы,
Улуу оттор урпактарга тарасын.
Илберинки илебинден жылына,
Ийип турсун көңүлдөрдүн карасы.

Чыксам тышка сагындырат карааның,
Чырмап салат ойго толгон санааны.
Чарчаганда, чанкаганда дем берген,
Чалкып жаткан кубанычтын Аралы.

Сен болбосоң бек кармаган тамырды,
Сезимдерде болмок канча жаңылуу.
Сел жүрсө да, солк этпеген мүнөздөр,
Цементтеген сенин күчүң карылуу.

Көрүнбөдүң, көрдүк бирок жардамың,
Канатыңа калкаладың, сактадың.
Кыйынчылык башка түшкөн учурда,
Кайрат берип бирге жолду баштадың.

Кара булут каптабасын ааламды,
Кубанычтар курчап турсун Аралды.
Ата Журттар жашай берсин түбөлүк.
Жетим кылбай жер жүзүндө балдарды.

Аралдардын сулуулугун барктайлы,
Тазалыгын, ыйыктыгын сактайлы.
Тартуу кылып түбөлүктүү келечек,
Ата-энелик милдеттерди актайлы.

Бороон-чапкын урат туш-туш тарабың,
Бирде бүркөө, бирде ачык кабагың.
Башталышы Ата Мекен өзүңдөн,
Бар болгунуң, менин Мекке – Аралым!

***25.05.1997-жыл, Тегеран***

## Жылдыз тура асмандагы

Арзуунун балдай даамын таткан барбы,
Армансыз өмүр жолун ашкан барбы.
Көңүлдүн көбүктөрүн көкөлөтүп,
Жүрөгүн көрүнгөнгө чапкан барбы,
Арзуусун ар кимдерге саткан барбы.

Махабат пайдубалы алтын казык,
Жетишпейт туруктуулук адамдагы.
Аттиң ай, аруулуктун аппак гүлү,
Аёосуз тебеленип ташталганы.

Түгөйлөр бир-бирине кенен болсо,
Максаттар түбөлүктүү, терең болсо.
Жарына кандай талап койгон болсо,
Өзү да берген сөзгө бекем болсо.

Айтылып келе жаткан унутулбай,
Махабат бийиктери дастандагы.
Турмуштун толкунунда тайгалансаң,

Татыктуу жашадым деп мактанбагын.
Миңден бир түгөйлөргө тартууланган,
Ак сүйүү жылдыз тура асмандагы,
Чын сүйүү бакыт тура асмандагы.

*2015-жыл*

## Эстетип тураар

Муштумдай болгон моторум менин,
Жүрүшүң тилейм оорубай сенин.
Жашасак дагы өмүрдүн көбүн,
Жалкоолук кылбай, алдыга темин.

Опкоолжуп кээде коркута бербе,
Сапаркай түшөм - мен деле пенде.
Жараткан сага тапшырган экен,
Өмүрдүн, билсең, ачкычы сенде.

Жашоого такыр көңүлүң жоктой,
Мезгилиң келсе калаарсың сокпой.
Эскирген сүрөт эстетип тураар,
Жайнаган жүздөр сезимди козгой.

Жаштыктын үнү жаңырык болуп,
Кусалык ашып көөдөнгө батпай,
Тамшанткан өмүр тамчыдай соолуп,
Сапары карып аңгырап боштой.

Улуу көч келет кербендей чубап,
Каалайбыз ак жол, алптардай кубат,
Дүңгүрөп жашоо улана берсин,
Жанар тоо болуп, жашоодо чырак.

## Ыраазы болсоң өмүргө...

Ааламдын сааты шакылдайт тынбай,
Мезгилдер өтөт куюлуп кумдай.
Закымга тарап жоголот жылдар,
Өткөргөн өмүр тыйынга турбай.

Тирүүнүн иши белгилүү деңиз,
Түйшүктөр толо океан-деңиз.
Жашоонун өзү болгон соң күрөш,
Тынымсыз эмгек, ийгилик - жеңиш.

Шурудай тизип өткөргөн күндөр,
Шурусун терип эскере берем.
Маңдайга жазган ырыскы-насип,
Ыраазы болуп "тоболоп" келем.

Жарышы жашоо азгырса дагы,
Жүрөгүм менен өзүңдү сүйгөм.
Жараткан жанга тартуулап берген,
Ийилип: "Өмүр, ырахмат!" - дегем.

Өзүңдөн алган жылуулук менен,
Жыгылып-туруп жашоомдо келем.
Бактылуу өмүр өткөргөн болом,
Ыраазы болсоң мага да сен.

## Каспий деңизи

Атагы кеткен ааламга,
Аманбы, Каспий карыя?
Алыстан келип көргөнү,
Апкаарып турам алдыңда.

Кадырман Каспий карыя,
Кыргыздан келип сагына.
Күн келип сага жолугаар.
Кубанып турам жанында.

Салам айтам элимден,
Көгүлтүр сулуу көлүмдөн.
Табият берген таалайга,
Ала-Тоо деген жеримден.

Буркулдап кайнап, көбүрүп,
Эмгектен териң төгүлүп.
Сүрүңдөн жүрөк титирейт,
Санаалар саңга бөлүнүп.

Келесиң кылым карытып,
Мезгилдер менен жарышып.
Мээнетиң менен актайсың,
Жер-эне алчу карызын.

Түрүлүп тоодой толкундар,
Шарпылдап жээкти чапчышат.
Берметин серпип булутка,
Каткырып кайра качышат.

Шыктанып ошол күлкүңдөн,
Көк шайы кийип үлпүлдөп,
Көөлгүп сулуу келиндей,
Керилет талаа күлүңдөп.

Күзгүдөй деңиз бетинде,
Балыктар ойноп секирет.

Куушкан чардак, кууларың,
Кыздардай сулуу сезилет.

Күн тиктейт кээде жашына,
Булуттан чыгат шашыла.
Жашооңдо болуп жандоочу,
Кыйышпас жандай кашыңда.

Жээгиңде үйлөр чалкалап,
Сулуубуз дешип шаңданат.
Сергишип салкын желиңе,
Сайрандуу турмуш жар салат.

Кыртышы жердин семирген,
Агызган маңдай териңден,
Ак төөнүн карды жарылып,
Төрүңдө дыйкан төгүлгөн.

Керемет байлык койнуңда,
Адал иш дайым оюңда.
Коротпой, чачпай адамга,
Бересиң салып колуңа.

Көптөгөн балык, нефтисин,
Көп өлкө багып келесиң.
Арналган элге байлыгың,
Атадай камкор белемсиң.

Сен барсың - жашоо көңүлдүү,
Сакчысы өзүң өмүрдүн.
Ападан артык алпештеп,
Келесиң төгүп мээримиң.

Күмүштөй буурул саамайың,
Айдарым шамал тарады.
Негедир ойлуу көрүндү,
Түнөрүп турган кабагың.

Күнөөкөр өңдүү тиктедим,
Тайсалдап жообун издедим -
Табият жанын кейитип,
Талкалап салган иштердин.

Адамдар баркын билбеген,
Карашат салкын түр менен.
Көк ирим мөлтүр сууларың,
Кароосуз калып кирдеген.

Анда да сырын бербеген,
Ансайын тынбай дембе-дем,
Адамга иштеп келесиң,
Алгандан башка билбеген.

Канча көл такыр соолуду,
Канча жер онтоп оорулуу?
Акылсыз иштер иштелген -
Адамдын айбан жоругу.

Куураган Арал курдашың,
Айланган тузга көз жашы.
Туйлаган тентек толкундар,
Түбөлүк кеткен кырды ашып.

Жашоосу жүрөк сыздатып,
Жашаган элди муң басып.
Кечээги гүлзар. туруктар,
Айланган чөлгө, туз басып.

Табият баркын билбеген,
Жашоонун баркын билеби?
Жүрөгү ташка айланган,
Жыргатып жанды сүйөбү?

Тебелеп-тепсеп кирдетсе,
Татыктуу андай тилдешке.
Тултуйган беттер кызарбайт,
Толкунуң кургап зилдесе.

## Өкүнөмүн
(Поэзияга)

Арданам, Лирам, сенин аздыгыңа,
Ардактап, бирок, сыйлап, жактырамын.
Алкынган күлүктөргө жетпесем да,
Артыңдан кыбыратып бастырамын.

Алыска кыялымды чаптырамын,
Алы жок канатымды каккыладым.
Азгырган элесиңди ээрчий карап,
Алдыда кашан атты шаштырамын.

Тартынып, дарбазаңды тарткыладым,
Таңдагы жылдыз болуп жаркырадым.
Термелтип, толкунуңда эркелеткен,
Болбодум толкуп жаткан океаның.

Мага деп энчилеген өмүрлөрдүн,
Билемин билинбестен ал өчөрүн.
Буйдалтпай булуттарга алып кеткен,
Бууданың болбогонго өкүнөмүн.

Чачырайт күйүп-жанып эки көзүм,
Күтөт деп менден зор иш эли-жерим.
Чолпону Ала-Тоомдун боло албай,
Чоюлуп жүргөнүмө өкүномүн.

## Качкындар

Эмнегедир келет дайым эсиме,
Качкындары - жашап жаткан жеримде.
Кесирленип таанытбаган Теңирин,
Бир топ акмак кайгы салган элине.

Чыгаан уулдар чыркыратып эл-журтун,
Так талашып бири-бирин желкелейт.
Кырылышып чымын өңдүү бүлүнгөн,
Адамдарды кумурскадай тебелейт.

Татынакай гүлдөп өскөн өлкөлөр,
Талкаланды болоор-болбос нерседен.
Талаалады, таалай издеп чет жерден,
Качкын делип, эли-журтуң сенделген.

Азып-тозгон бейкүнөөсүз адамдар,
Өтүп жатты жөө-жалаңдап чубуруп.
Токтоо бербей көздөн жашым куюлуп,
Жүрөк сыздап карап турдум буулугуп.

Чуркап барып аларды жубатсам дейм,
Ак сарайга киргизип, кубантсам дейм.
Колдон келбес ойлонуп көп нерсени,
Канкорлорду ичимден каргап-тилдейм.

Атка конуш качкын деген мурунтан,
Тагдырыңдан күткөн эмес чыгаарсың.

Бүгүн турмуш өйдө-төмөн калчаса,
Мүмкүн эртең күлүп-жайнап турарсың.

Камгак сымал калдаңдаган чөлдөгү,
Качкындардын турмушу да курусун.
Канкорлорду, ажыраткан жериңден,
Көгөргөн көк, касиеттүү жер урсун!

Адам неге ушунча тез унутат,
Өткөндөгү тарыхтардын сабагын.
Күндөн-күнгө өсүп барат жер жайнап,
Куураган эл - качкындардын катары.

Көктөн издеп жерде турган бейишти,
Иш жасадык өкүнүчтүү, кейиштүү.
Бейишиңди айландырдык тозокко,
Алла таала, кечир биздин күнөөбүздү!

Адам болуш өтө кыйын турбайбы,
Алып келип өз башына муң-кайгы.
Маңкурт болбой, бир азыраак мээ болсо,
Адам деген атыбызды сыйлайлы.
Ааламда орун баарыбызга жетишет.
Ач көздөнбөй, эмгек менен жыргайлы!

*26.08.1996-жыл, Тегеран*

## Иран кызына

Карачы Иран кыздарын,
Караны чулгап алганын.
Канчалык сулуу болсо да,
Караанын берет карганын.

Пулдарын аяп бербеген,
Эрлери саран өңдөнөт.
Болбосо, ушул кийимдер,
Аялга кайдан көрк берет?

Кийимдин кийип түрлөрүн,
Күйөөнүн көрчү жүргөнүн.
Ээрчитип алган артынан,
Каргадай кылып сүйгөнүн.

Чүмбөттөп салган курутуп,
Чүрөктөй болгон сулуулук.
Чачырайт күйгөн жылдыздай,
Чыгалбай турат буулугуп.

Көчөнүн көркү кунарсыз,
Гүлкайыр сындуу кыздарсыз.
Жарк этип күндөй ачылсаң,
Көрүүгө сизди куштарбыз.
Көрүүгө, селки, куштарбыз.

*3.07.1996-жыл, Тегеран*

## Тегерандын оттору

Жылдар өтсө унутулаар бул кечтер,
Жылуу сезим жашайт өчпөй элесте.
Жымындаган Тегерандын оттору,
Жашоомдогу сунулган ал гүлдесте!

Көз ирмемдер калса дагы сүроттө,
Кусалантаар сенсиз өткөн мүнөттөр.
Кучагыңда ойноп-күлүп өткөргөн,
Күндөрүбүз калат дайым жүрөктө.

Куш уйкуда жатсаң дагы үргүлөп,
Күчөйт тынбай эмгек шаңы күүлдөп.
Келээр күндүн камылгасын ойлонуп,
Кубанычта нурлуу жүзүң күлүңдөп.

Алп көкүрөк, төшүн керип магдырап,
Айкөл баатыр эс алгандай туюлат.
Уйкусунан чочубасын дегенсип,
Тентек шамал сүйлөшкөнсүйт шыбырап.

Атайылап койгон өңдүү сулуулап,
Айдын нуру бир башкача кубулат.
Ай-ааламга асыл таштар чачкансып,
Океандай сансыз оттор жымыңдап.

Магниттей тартып жанды бурултуп,
Каректерди байлап алган сулуулук.
Таасирине толкундатып, эргиткен,
Бейпил түндө кандай укмуш улуулук.

Куттуу болсун бейпил түнүң, кең Иран!
Чын жүрөктөн кубанабыз биз саган.
Тынчтык күндүн бешигинде термелип,
Күлүп-жайнап өсө бергин, Тегеран!

Жылдар өтсө унутулаар бул кечтер,
Жылуу сезим жашайт өчпөй элесте.
Жымыңдаган Тегерандын оттору,
Жылдыз болуп жана берчи каректе!

*1997-жыл, Тегеран*

## Өтүнөмүн

Буйдалып мезгилимден кечигемин,
Бушайман сезимдерди өчүрөмүн.
Болжогон бийиктерге жете албай,
Бар туруп, бирок, жоктой сезилемин.

Садаган эл-жериме карызмын деп,
Санаанын мейкининде эзилемин.
Салымын салмактуураак кошо албаган,
Кызыңа таарынбашың өтүнөмүн.

Капыстан кыйынчылык башка түшсө,
Сен үчүн баарын чыдап көтөрөмүн.
Кыйратып кызмат өтөп бере албаган,
Кызыңа таарынбашың өтүнөмүн.

Кучактап кубанычтар суна албаган,
Кыйналып күндөрүмдү кетиремин.
Кыргызым, кылчайбастан, бирок, сен деп,
Кыямат отуна да секиремин.
Кыйратып кызмат өтөп бере албаган.
Кызыңа кыргызым,
Таарынбашың өтүнөмүн!

*10.03.2000-жыл, Тегеран*

## Арасында жарышып келем көптүн

Аста басып, ашыгып алыстардан,
Арасында жарышып келем көптүн.
Арзыбаган иштерге өмүр сарптап,
Алымсынбай жашоомо мен да өттүм.

Азды берип, көптү алып койдумбу деп,
Асан кайгы ойлорго көңүл чөктүм.
Асыл эмгек мээнетин камчыланбай,
Калтырдымбы коротпой анын четин?

Атырылып толкуган боло албадым,
Алып келген деңиздей жамгыр - өткүн.
Аз да болсо булактын пайдасы зор,
Ардактаган жээгинде кайың-четин.

Ата конуш томсорбой, той-тамаша,
Алпештеген татына гүлдөр септим.
Арзуу менен адамдык сезим өсүп,
Алар дагы болушаар элге сепил.

Аялзаттын таалайы үй-бүлөдө,
Андан көрө балдарым өнүп-өссүн.
Убакытка уттуруп уялбастан,
Утурлайын урматтап өмүр көчүн.

Аста басып, ашыгып алыстардан,
Арасында жарышып келем көптүн...

*2.03.2001-жыл, Бишкек*

## Кечикпе

(Неберелериме)

Өмүр отот чагылгандай тездикте,
Күтүп турбайт келсгой деп эшикте.
Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырбай,
Балапаным, мезгилиңден кечикпе.

Унутпагын убакыттын аздыгын,
Азгырбасын азоо мүнөз жаштыгың.

Салгым келет, кара жаным, эсине,
Кас душманың - жалкоолуктан, ач көздүктөн качкының.

Жаштык жалын өтө кымбат белек бул,
Жаша, иште, эл-жериңе кызмат кыл.
Урмат, сыймык өзү көктөн түшпөсүн,
Алтындарым, көкүрөккө түйүп жүр.

Бакыт деген байлык эмес ыңкыган,
Элин сатып, чет өлкөдө жулкунган.
Бакыт деген - зор максатка умтулган,
Улуу-кичүү кадырлаган сыртыңдан!
Актагының Мекениңдин карызын,
Айландырсаң бай өлкөгө кулпунган.

*2017-жыл, апрель*

## Жашоого карыз болбойлу
(Айымдарга)

Жалындуу жаштыгыңдын курагында,
Жетсем деп максатыңа убагында.
Жиби жок байланыпсың чыкпас болуп,
Үй-бүлөң, түйшүктөрдүн тузагында,
Жашоонун жаңырыгын сезип-сезбей,
Калыпсың жалгыздыктын кучагында.

Түйшүктү өз башыңа үйдүң неге,
Санааркап, балдарыңа күйдүң беле.
Ак тилек, эмгек менен камчылансаң,
Ачылаар жол балдарыңа өзү деле.
Көңүлдүн гүлдөй назик бүчүрлөрүн,
Гүлдөтчү жүрөктөгү сүйүүң менен.

Өмүрдүн өйдө-төмөн билип баркын,
Көрө бер бул дүйнөнүн ырахатын.
Турмуштун түмөн-түркүн түрмөгүндө,
Көтөрүп көңүлүңдү жүрчү жаркын.
Ырыстуу үй-бүлөнүн энеси сен,
Курулай сезимиңди курчутпагын.

Билебиз келээр күндү, сапар карып,
Калarбыз ал кездерде карып-арып.
Берилген мүмкүнчүлүк колдонулбай,
Калбайлы жашообузга болуп карыз,
Туурдан туйгун, кептер учуп чыкса,
Болгону ата-эненин жүзү жарык,
Жок болоор андай болсо биздин карыз!

*12.12.2019-жыл*

## Сүрөтүңө

(1937-жылы репрессияга кеткен каарман аталарга таазим)

Токточу, көз ирмем, токточу,
Толкундуу ойлорду топточу.
Асылдар айыпсыз өтүшкөн,
Армандуу тагдырын козгочу.

Болсо да элестер сүрөттө,
Болгонсуйт даңдаяр күрөшкө.
Эл-жер деп согулган күн-түнү,
Сүйүүнүн ыйыгы жүрөктө.

Заманы жашоонун жупуну,
Жаштыктын жамалы супсулуу.
Каректер жылдыздай чачырап,
Зор максат, жеңишке умтулуу.

Отурган атамдын жаш кези,
Жарашат башында шапкеси.
Сезимтал жүрөгү сезгенсийт,
Тайгак жол, алдыда тар кечүү.

Токточу, көз ирмем, токточу,
Тарыхтын парадын коштоочу.
Кыргызды кыйлага тааныткан,
Кыраандар болушкан - жокточу.
Шатырап бир келип кетишкен,
Шумкарлар эле го топтошуп,
Токточу, көз ирмем, токточу!..

*2016-жыл, Бишкек*

## Вена шаары

Дунайдын жээги салтанат,
Венаград жатат чалкалап.
Эмгектен таап ырахат,
Дүйнөгө бүгүн даңктанат.

Суйкайган сулуу сен белең,
Сулууну сүйбөйт ким деген.
Ааламдын асыл шаары,
Арзуумду айтам дембе-дем,
Дүйнөнүн сулуу шаары,
Сүйүүмдү айтам дембе-дем.

Токоюң толкуйт күү менен,
Вальстарын Штраус бийлеген.
Көркүндөн көздөр уялып,
Кубанып дагы, сүрдөгөн.

Асманды карай серпилет,
Үйлөрүң булут жиреген.
Гүлзарлар ороп көчөнду,
Жайылып жатат килемдер.

Илгертен калган мурастар,
Алтындан сарай, мунаралар,
Темирден, таштан эстелик -
Көрүшкөн жандар кубанган.

Дунайды тепчип куралган,
Көп катар жолдор чубалган.
Тынымы жок зуулдап,
Жарышат темир тулпарлар.

Элинин түсү ар башка,
Ак, сарысы, негри.
Кодулашкан жандар жок,
Элинин пейили кеңири.

Өрөөнү, жайык түздөрү,
Береке толгон күздөгү.
Жайдары жана бактылуу,
Жашаган элдин жүздөрү.

Гүлдөгөн өлкө борборун,
Таанышып, көрүп, билип кет.
Миң уккандан бир көргөн,
Венаны өз көзүң менен көрүп кет!

*6.09.2016-жыл, Вена*

## Жылдызы жандын өчпөсүн

Туйлаба, жүрөк, туйлаба, менин акылдуум,
Туйганың билем алдагы күүсүн закымдын.
Туйгундай сызып, кетсең да учуп бийикке,
Тагдырың жерде чечилген небак жашыруун.

Жаз күндөй жайнап, көктөсүн көңүл, көктөсүн,
Жылдызы жандын алоолоп жанып өчпөсүн.
Жашоонун баркы теңдешсиз эч бир байлыкка,
Түйшүктөн тажап, түңүлүп маанай чөкпөсүн.

Мыйзамы жашоо - келгенден кийин кеткенде,
Ортодо өмүр - адамча жашап өткөндө.
Болбосок дагы түркүгү жарык дүйнөнүн,
Калганы жакшы айтылып жылуу кептерде,
Эскерсе кийин өрнөктүү асыл иштерде.

*15.02.2019-жыл, Бишкек*

## Акаевдер заманы

Жаз келсе да жаркырап,
Ачпайт элдин кабагын.
Күтөт алар зарыгып,
Өзгөрүүнүн шамалын.

Ак үйдөгү түлкүлөр,
Өз элиңди таладың,
Согуш эмес, тынчтыкта да,
Соолутууга жарадың.

Ажыдаардай ачылыптыр,
Акаевдер алкымы.

Чыдай албай шордуу эли,
Чет өлкөгө самсыды.

Жумушсуздук, ачкачылык,
Кыйнап турса жалпыны,
Он беш жылда үй-бүлөсү,
Эл байлыгын калпыды.

Түлкүлөнүп атакеси,
Туш келгенди шапыды.
Алакандай ал кыргызды,
Таз кейпинде калтырды.

Үй-бүлөлүк коррупция,
Берди элдин азабын.
Кошоматтык, калпычылык,
Көтөрөт дейт атагын.

Кадрлардын тагдырын,
Калчап турду аялы.
Пайдасы чыгаар кызматтан,
Алып жатты параны.

Күйөө бала бүт кыргыздын,
Майлуу жерин кармады.
Кайындарга ал эргулдун,
Болбос чыгаар арманы.

Ач көздүгү аша чапкан,
Балдыздары, балдары.
Элибиздин ырыскысын,
Бөлүштүрүп алганы.

Бизге болоор чоң олжо,
Элдин эсен-аманы.

Бүтсө экен тезирээк,
Акаевдер заманы.

*20.03.2005-жыл, Бишкек*

## Чыгабы Путин кыргыздан?

Мактана келсек тимеле –
Тараганбыз жылдыздан.
Аксак Темир, Чыңгызхан,
Улан уулу Ленин –
Төрөлгөн дейт кыргыздан.

Билим алган сан ЖОЖдон,
Жетекчи көп кыргыздан.
Өз чөнтөгүн, өлкөнүн,
Алмаштырып куруткан.

Уурулукка шумпайлар,
Машыгышып алышкан.
Казынасын өлкөнүн,
Менчиктешип салышкан.

Сайгак тийген торпоктой,
Оюн салып куушкан.
Айбандарча чардашып,
Гаремдерди курушкан.

Сауналарда "гүлдөшүп",
Кыз-келинди куруткан.
Кыйналган эл кайрылса,
"Фиг" муштумун сунушкан.

Ата Мекен деген сөз,
Аты-жөнүн унуткан.
Карышкыр заман болду го,
Тирүүлөй этин жулушкан.

Душмандар деле келген жок,
Батыштан же Чыгыштан.
Өз өлкөсүн өстүрбөй,
Өпкөгө тепкен кыргыздар.

Өлкөсү эмес, өзү үчүн,
"Өлө" иштейт баштары.
Эл байлыгын уурдап,
Чет жерге кача баштады.

Айыл чарба, өнөр жай,
Шаарлар жок тургузган.
Жүдөйбүз эми канчага,
Чыгабы Путин кыргыздан?

Кошуна элдер иш менен,
Өсүп жатат дүркүрөп.
Жүдөп турган кейпибиз,
Коноктордү үркүтөт.

Ааламды түрө кыдырып,
Азаматтар көп жүрөт.
Ошол элдин элиндей,
Өз өлкөсүн ким сүйөт?

Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Кыйраганды тургузган,

Ысык-суукка чыдаган,
Карыздан суурул чыгарган –
Түнүлбөй күтө туралы,
Чыгаар деп Путин кыргыздан!

Жалпы кыргыз кубанган.
Күн да келер суранган.
Бай өлкөдөн болорбуз,
Доллар, сомду чубаган.

## Жоогазыным, баатырым

(Энелерге)

Деңиздейсиң чалкып жаткан акырын,
Санаалашым, сагынаарым, жакыным.
Курмандыкка чалып койгон өмүрүн,
Жолборс мүнөз жоогазыным, баатырым.

Тынымы жок чарк айланган асылым,
Тулпарлардай арыбасын басыгың.
Көктө күндөй жерде сенин мээримин,
Сактап турган асманыңдын ачыгын.

Кээде күлүп, кээде ыйлап жашыруун,
Түйшүктөр көп айтып бүткүс, катыгүн.
Түйүндөрүн түгөнбөгөн турмуштун,
Чечип келген сенин гана акылың,
Ай-асманга учурсам да ыр менен.
Билем, Эне, анын сага аздыгын!

*2016-жыл, октябрь, Бишкек*

## Сагынуу

Шумкардай шуулдаган мезгилдерим,
Чабыттап кайтпас жакка кеттиңерби.
Сагынып өткөндөрүн унуталбай,
Санааркап жүргөндөрдү сездиңерби.

Жүзүмдөй мөлтүрөгөн жүзүбүз го,
Жайнаган бырыштарды септиңерби.
Жан-дүйнө жарашыгы жаш куракты,
Жашырып, уурдап алып кеттиңерби.

Көрүнбөй калса дагы карааныңар,
Көңүлдө күйүп-жанган жамалыңар.
Жүрөккө жылуу элес берип турган,
Жанымдын жартысындай салмагыңар.

Сарамжал сааттарын санап турган,
Сулуулук сыйкырында кармап турган,
Бүгүнкү тирүүчүлүк эртеси жок,
Жашоонун жалганы ай... таң калтырган. таң калтырган

*11.02.2018-жыл, Бишкек*

## Дүйнөгө келдик неге?

Дүйнөгө жаралып биз келдик неге.
Шарактап шапар тээп өткөнгөбү?
Ажарын ааламдын куллпундуруп,
Бактылуу бала жүзүн өпкөнгөбү?
Булганыч аяктарга тебелетпей,
Бейиштей кутман жерим өскөнгөбү?

Дүйнөгө жаралып биз келдик неге,
Тумандай тумчуктуруп өткөнгөбү,
Берметин адал эмгек төккөнгөбү,
Береке эл турмушка жеткенгеби?
Толтуруп дасторконун жер-эненин,
Токчулук даңазалап кеткенгеби?

Дүйнөгө жаралып биз келдик неге,
Кайгы-муң калың элге сепкенгеби?
Келипииз конок болуп аз убакыт,
Өмүрдү эл-жерге арнап өткөнгөбү,
Ааламдын алкагында кыргыз жерим,
Гүлдөтүп гүлбакчадай көктөмдөгү?

***2007-жыл***

## Жашоо жарышы

Убакыттын ташбоорлугу ушундай,
Ойлоп бизди аяп койбойт кыпындай.
Жарк деп жанып жашырынган жаштыгын,
Жүрөк байкуш эстей берет тызылдай.

Багынаарбыз жаратылыш шартына,
Байлык, бакыт болсо экен жалпыга.
Бирок, дагы өмүр деген белектин,
Адам чиркин жетпей келет баркына.

Өттү өмүрлөр күрөштөрдө алышып,
Өжөрлөнө колдор колго карышып.
Октой учкан убакыттын алдында,
Жер-эненин алкагында жарышып.

Өткөндөргө жүрөктөрдү эзбейли,
Өкүнүчтө жаман-жакшы дешпейли.
Күнүмдүк бул көз ирмемдик жашоодо,
Күлүп-жайнап жакшы жагын эстейли.
Аттиң деген ой калтырбай сезимге,
Атаганат, кандай сонун кез дейли.

*2013-жыл*

## Адам

Адам деген - табияттын жеткен чеги,
Табылбас бул дүйнөдө тен келээри.
Тагдырын жаратылыш кошуп туруп,
Асылдык касиеттин баарын берди.

Акылды Кудай сага берген неге?
Жер үстүндө падыша сен эмнеге?
Акыл менен ааламды баксын деген,
Жер жүзүндө жашоого сакчы деген.

Асылым милдетиңди унуттуңбу?
Жер-энени капалантып куруттуңбу?
Колуң салып жашоого жырткычтарча,
Жоготтуңбу адамдык улуктугуң?!

Адамым, чексиз сенде мүмкүнчүлүк,
Ошончо эң жогорку жоопкерчилик.
Акылың ай-ааламды багынтса да,
Акың жок сенде аларды бузуп туруш.

Ар ишиңе адал эмгек жасасаң,
Айланаңды бир азыраак аясаң.
Алып көптү, бербей такыр таарынтып,
Табияттын каарына калбасаң.

Жер үстүнөн жоготсоң согуш отун,
Жана да баңгиликти, сойкулукту.
Жетим-жесир, качкын деген сөздү унутсак -
Адамдык милдетиңди ойлогонун.

Адамым, эртеңкиңди туура ойлогун,
Ааламда жашоо-турмуш токтолбосун.
Артынган Ала-Тоодой милдетиңди,
Ашуудан сен жоготуп койбогунуң.

Адам деген - табияттын жеткен чеги,
Табылбас бул дүйнөдө тең келээри.
Тагдырын жаратылыш кошуп туруп,
Асылдык касиеттин баарын берди!

***22.07.1996-жыл, Тегеран***

## Барскоон капчыгайы

Койнун ачып бапырап,
Керемет тоолор чакырат.
Күч-кубат берип денеге,
Көңүлдүн чери жазылат.

Ажайып көркүң бир укмуш,
Аскалар сүрдүү - шиш тумшук.
Булуттар ойнойт төбөңдө,
Бир-бири менен куушуп.

Ашыгын айтып жарыя,
Алдастайт аккан дарыя.
Асмандап тоолор шаңкаят,
Уккусу келип дагы да...

Сайраса куштар жабыла,
Үн кошот аска жаңыра.
Мээримин төгүп жылмайып,
Күн тиктейт көктөн жалына.

Бүркүтү көктө кайыган,
Бийиктен карап айбыгам.
Буруксуп бейиш жыттанган,
Абасы кандай баарыдан!

Ак моңгү муздан башталган,
Аскадан боюн таштаган,
Чачырайт көбүк бетиңе,
Барскоон шаркыратмадан.

Торүндө ойноп жүрбөйбү,
Сүлөөсүн, илбирс, ак марал.
Асылы жердин өзүңсүң,
Ардактап кыргыз мактанар.

Карагай, четин, бетеге,
Тоо бетин бербейт дегеле.
Карагат бышып эзилет,
Бул берке, эмей, эмине!

Кен байлык жатат катылып,
Көзүнөн адам жашынып.
Калбайын дейби таланып,
Коромжу болуп чачылып.

Карекке батпай кубулуп,
Толкундайт көөдөн буулугуп.
Таппаган кемтик кымындай,
Капырай, кандай сулуулук!

Тебелеп-тепсен тоңурап,
Эс алган жандар толтура.
Тазалык, тартип болбосо,
Табийгат бизге кор тура.

Сүйүнүп дагы, күйүнүп,
Коштоштум кейип сен менен.
Керемет тоолор, кечиргин,
Ар түрлүү болот эл деген.
Көркүңө чыгып кулпуруп,
Кубанган дагы кез келээр.

Кайгырып башты салбагын,
Кадырың баалар балдарың.
Керек болсо беришет,
Сен үчүн алар жандарын.

*5.07.1996-жыл, Тегеран*

## Энелерге кайрылуу

Алааматтар дабырты апкаарытып,
Акыр заман болчудай кабар берет.
Азгырылып шайтанга, аярлабай,
Адамзат согуш менен ойноп келет.
"Адамга – адам жолдош эмес, карышкыр", – деп,
Айтылган качанкы сөз ойго келет.

Батыштан же Чыгыштан, дагы кайдан,
Көрөбүз согуш отун жалындаган?
Адамдар, айткылачы ошончолук,
Талашыңар кымбатпы жаныңардан?
Кымбат бекен, болбосо, муну кара,
Бейиш болгон күлгүндөй балаңардан.

О, адамдар, силерге эмне болгон?
Күчтүүсү күчү жогун жеп-мойсогон...
Теңтитип эли-журтун, тонон-чачып,
Шумпайлар убал-сооптон эч коркпогон.
Чыгышты ажыдаарлар адам түспөл,
Элинин кайгысына түк тойбогон.

Же силерди кутурган ит каптыбы?
Же болбосо, жин-шайтан адаштырды...
Болбосо, адам деген аты туруп,
Канкордукка мынчалык кантип барды?
Аккан канга, көз жашка чыдай албай,
Жер-эне да силкинип онтоп калды.

Жетишет, кайгынын да чеги болоор,
Энелер, мезгил жетти сен ойлоноор.
Көтөр башты, аппак, сары, кара эне,
Канкорлорду тууса керек биздей эне.

Дүйнө аялдары, бир туралы катарга,
Аттаналы токтолбостон ыйык сапарга.
Курал албай, жашоо берген колубузга,
Жоогазындар чачалы жолубузга.

О, Жараткан! Тагдыр, мынча катаалсың,
Өстүргөнбүз жыргап-куунап жашашка.
Ойго эмес, түшкө кирген эместир,
Беттешем деп силер менен казатта.
Өлөт деген өз балдардын колунан,
Адам уккус кайгы жана азап да.

Биз тосолу төшүбүздү сакташ үчүн,
Ажалдан өмүрлөрдү, сүйүүбүздү, үйүбүздү.
Кана, аткыла, туулбасаң энеден.
Өлгөн жакшы, чыкса сендей денеден.

Азыктанган өз элинин канынан,
Айырма жок мите курттан, кенеден.

Жок, жок.. ата албайт, мүмкүн эмес атышка,
Эне сүтү, эне күчү, күч жок сени басышка.
Биз бириксек селдей толкуп кетебиз,
Чогуу болсок тынчтыкка да жетебиз.
Чабал жан деп ойлошпосун аялзат,
Чалкып жаткан океанды кечебиз!

Эне-бала, Ата Журт, дайым жаша,
Жоголсун согуш деген чоң каргаша.
Калайык карабастан тил, динине,
Жашасак неге болбойт биз жанаша?
Жаралган ааламыбыз сага, мага,
Жетишет анда орун баарыңарга.

Убакыт утулгансып бараткансыйт,
Курбулар, мезгилинден артта калба.
Доорум кандай белек тартуулайт деп -
Отурбай, өз бактыңды өзүң камда.
Коркунучта адамзат келечеги,
Кылчактабай алдыга жолду башта!

Булактарын кайгынын бууп салып,
Кумарлансак кулпуруп аткан таңга.
Кол кармаша Жер шарын айландыра,
Кубанычта жашасак достук шаңда.
Күрөштөрдөн акыйкат жанды аябай,
Тынчтык үчүн, Энелер, чамдагыла!

***1997-жыл, Тегеран***

## Сен токтобо

(Убакытка)

Ааламдын акыл жетпес сереси,
Айландырат тыным бербей жебеси.
Агып жаткан дайралары жашоонун,
Жүрөгүндүн кан тамыры эмеспи.

Алдыртадан кыркып жаткан өмүрдү,
Айбалтаңдын мизи жумшак кебезби?
Алпурушуп жаңы гана жетээрде,
Аялдамаң, келип калдың дебеспи.

Адам эмес, калды канча артында,
Аппак сакал карт кылымдар элеси.
Токтосо да бирөөлөргө убакыт,
Токтобочу, сен алдыга жөнөчү.

Тирүүлүккө күн нурундай көз ирмем,
Тартууласын саатыңдын жебеси.
Табышмактуу чексиздикке айланып,
Ташкын жиреп сүзө берсин кемеси.

Агып жаткан дайралары жашоонун,
Жүрөгүндү кан тамыры эмеспи.
Алпурушуп жаңы гана жетээрде,
Аялдамаң, келип калдың дебеспи...

Токтосо да бирөөлөргө убакыт,
Токтолбочу, сен алдыга жөночү!

*22.12.1999-жыл, Тегеран*

# Генийди да булгадың

Жашоо – жамгыр, мынча неге ыйладың,
Жарык дүйнө кор болгонун туйганың.
Жаш баланын мээриминдей жылуулук,
Жүрөгүңдөн сен негедир кыйбадың.

Адам оюн, акылыңа сыйбадың,
Акың бардай бир-бириңди кыйнадың.
Айыгышкан кармаштардан пайдасыз,
Айбан алгыс атак-даңкты жыйнадың.

Ажал – өмүр айырмасы арзандап,
Ар-намыстар, тыйынга да турбадың.
Ата-баба алып келген каада-салт,
Атом бомба жарылгандай кыйрадың.

Айлампада өмүр деген суулардан,
Ачуу-кермек, ууктурган уу калдың.
Ажар туткан эки дүйнө элчиси,
Аксакалдар, генийлер да, булгандың.

Ачык асман, айланайын кара жер,
Аянычтуу үнсүз карап куурадың.
Аппак кылып сезимдерди тазартып,
Адамдарга кайра неге сунбадың?

Жашоо - жамгыр, жашоо – жамгыр, ыйладың,
Жарык дүйнө тар экенин туйганың...
Жарышында кылымдардын жаңылып,
Жоготтуңбу бизге деген жыргалың?

Бейбаш өскөн балдарыңдын баркына,
Же болдубу жооп берген сыйларың,
Жашоо – жамгыр, мынча неге ыйладың?

## Кичинекей сүйүүм ай

Садагасы, наристем ай, гүлүм ай,
Сен да өтөрсүң эч бир жанга түюлбай.
Көз уялтып бийиктерден күлбөсөң,
Көрүнбөчү куру-бекер кыйындай.

Бир өзүңдү жанар тоодой санайсың,
Жарык чачкан күн нурундай карайсың.
Өтө берет жашоо-турмуш кербени.
Айтчы деги, сен эмнеге жарайсың?

Токто, токто, токтой тургун, кечиргин.
Жеңил эмес, оорката кетирдим.
Тутанта бер жашоо, сүйүү кумарын,
Тоңдурмасын каалабаймын сезимдин.

Жүрөктөрдү жалындаткан керемет,
Жүрөм анан кантип сага жылынбай.
Жер жүзүнө улуу турмуш тараган,
Учкундардан дал өзүңдөй - кымындай.

Алда, менин кичинекей сүйүүм ай,
Анан кантип жүрөм сага сыйынбай.
Садагасы, наристем ай, гүлүм ай...

## Жолоочу

Жолоочум, алың кандай, чалыштаган,
Максатың көртирликке багыштаган?
Кубалап алдыдагы "куу түлкүнү",
Кургурум, чарчаптырсың жарыштардан.

Кармаган ал шумпайды болгон бекен?
Сурагын ишенбесең калыстардан.
Суурулуп колдон чыгат жетээринде,
Жылмышчаак болот тура балыктардан.

Келесиң дүйнө кезип алыстардан,
Курулай канча өмүр сарыптаган.
Калбаса чымчым эмгек арт жагында,
Кадырың ашпас чыгар карыптардан.

Чыйыры үзүлбөгөн тирүүлүктө,
Чураган дүйнө үчүн канча заман.
Түбү жок казандарын толтура албай,
Тоюшкан топурактан ач көз жандар.

Чындыкка баш ийбесе аныкталган,
Чыркырайт тетирисинен жарып салган.
Жүрөктө жүгөрүдөй от болбосо,
Жашоолор өтө берет куруп калган.

Наалатты айта берсе калыптанган,
Нааданды кесирленүү чалып салган.
Жайланып жер төшөктөн эс аларсың,
Жашынып сен тилдеген жарыктардан.

Бакытың бешенеңден жанып турган,
Болсунчу пейлиңдеги күйгөн шамдар.
Ардактап ааламды сүйүп калгын,
Сенсиз да ата берет аппак таңдар.

Жүрөктөн өчүбөйлү жылуу сезим,
Жамандык, пасчылыктын баарын кечир.
Жашоодо бүгүн барбыз, эртең жокпуз,
Калыстап ылгап турат улуу Теңир!

Жолоочум, алың кандай, чалыштаган,
Максатын көртирликке багыштаган?
Кубалап алдыдагы "куу түлкүнү",
Кургурум, чарчаптырсың жарыштардан.
Жайланып жер төшөктөн эс аларсың,
Жашынып сен тилдеген жарыктардан...

*12.07.1998-жыл, Тегеран*

## Төрөлгөнсүң согушта
(М.А.га)

Жараатынан адамзаттын келтирген,
Жер-энеде тамтыгы жок күйбөгөн...
Жаш ымыркай наристенин келишин,
Жарык дүйнө мүмкүн анча сүйбөгөн.

Кар алдынан өсүп чыккан чырпыкка,
Мээрим төгүп күндүн нуру тийбеген.
Алты жашта ата-энеден айрылып,
Бажырайып черин жаза күлбөгөн.

Ошол кандуу, ошол катаал мезгилдер,
Ойноттурбай ымыркайды ийлеген.
Таалайынын тайкылыгын карачы,
Талкан чай да жөндөп оозго тийбеген.

Бакыраң көз, тирикарак балтыркан,
Башка түшкөн оор жүктөн сүрдөгөн.
Арбагыдыр ата-эненин, ким билет,
Адам бол деп эртели-кеч үндөгөн.

Анча-мынча айрыма бар жашында,
Кичүүлөрүн улуурагы сүйрөгөн.
Көнүл чөгүп, маанай пастап кетпестен,
Жаш тилеги көмүскөдө бүрдөгөн.

Жеңиш келип жердин бети толкуса,
Жаратылыш тосуп алган гүл менен.
Жаштык жалын бекер карап турчубу,
Жолун ула аталардын, жүр деген.

Алпурушуп эмгек менен өтүптүр,
Алтымыш жыл эс алууну билбеген.
Азаматым, алты облус элинде,
Адам жоктур сени таанып-билбеген.

Ийгиликтер эмгек менен жараттың,
Иш болбоду жаман көрүп сүйбөгөн.
Ишеничин эл-жериңдин актапсың,
Даңктала бер эми жакшы ыр менен!

О, Ала-Тоом, Теңир берген берекем,
Кулундарың, укчу, анык эр экен.
Кумурскадай кызмат өтөп талыкпай,
Кадыр-баркы бир өзүңө тең экен!

О, кыргызым, кичинекей эл экен,
Баштан өткөн азап-тозок кеп бекен.
Бапырандап байлыгым деп мактанаар,
Баатырларың журт ичинде көп экен!

Уюткулуу элиң аман турганда,
Уландарың сага бекем чеп экен.
Уламыштап айта жүрчү сөз кылып,
Урпактарга кете берчү кеп экен!

***20.05.2000-жыл, Тегеран***

## Бул – дүйнө

Күн дайым чыга берет,
Жер шары жыла берет.
Чаалыктым, эс алам деп,
Качпаска эмне себеп?
Күйүктүм, күткүлө деп,
Кетпеске эмне себеп?

Тамчыдай тама берет,
Түгөнбөй ага берет.
Жүрөгү тирүүлүктүн,
Түбөлүк кага берет.

Доорлор таскак менен,
Тарыхка таштап келет.
Картайбай жапжаш бойдон,
Калганга эмне себеп?

Таңдары ага берет,
Өмүрлөр бата берет.
Мезгилди багындырып,
Менменсип баса берет.

Тоолору тура берет,
Суулары ага берет.
Сүйкайып суктандырган,
Сулуулук кала берет.

Сага деп арнап келет,
Секундун санап берет.
Секирип өтө албайсың,
Сездирбей кармап берет.

Бири өчсө, бир күйүп,
Жашоолор жана берет.
Жандоосу – ааламдын зор,
Космосто бара берет.

Күн дайым чыга берет,
Жер шары жыла берет.
Жүрөгү тирүүлүктүн,
Түбөлүк ура берет.
Түйүнү табышмактын,
Чечилбей тура берет,
Тура берет, тура берет...

*5.03.2005-жыл, Бишкек*

## Көргүм келди
(Өткөн күндөрүмө)

Мезгилим өтүп кеткен,
Сагынып көргүм келди.
Суранам кербезденип,
Жапначы терезеңди.

Билсеңчи ал күндөрдүн,
Канчалык бийиктигин.
Карматпай алыс кетти,
Карачы күлүктүгүн!

Тигине, мен чоңойгон,
Дөбөдө жалгыз ак там.
Балдарын жетелешип,
Бараткан апам-атам.

Жылуусун колдорунун,
Азыр да сезип жатам,
Алдында топурактын,
Калса да алда качан...
Айланам атам-апам!

Жаштыктын жамалынан,
Көзүмдү ала качам.
Ак куудай керилишип,
Биз бекен бара жаткан?

Жакуттай жанып турган,
Жаштардын ыйык жайы.
Чукулап билим кенин,
Чырактар өчпөй дайым.

Сыйкырлуу айлуу түндүн,
Сыймыгы сүйүүлөрдө.
Сыргадай шыңгыр эткен,
Соолубас күүлөрүндө.

О, чиркин, жаштык жалын,
Сүйүүнүн тазалыгы!
Узатып калаар элем,
Айпектен караанынды...

Таалайым кездештирген,
Сагынтып дегдеттирген.
Салкын тор талаасындай,
Теңимди тапкамын мен.

Илгери үмүт кандай,
Иштедик тыным албай.
Түйшүктүү күндөр менен,
Төрөлүп өстү балдар.

Чубалган өйдө-төмөн,
Жолдор го биз өтөгөн.
Болгон жок жеңилдиктер,
Өткөрдүк сыноолор зор.

Күлүбүз додо болбой,
Көп көчтүк - иш ошондой.
Сыйлашып, жуурулуштук,
Кожодой элди колдой.

Кызыл – кыз, аппак – уул,
Бакчабыз жайнаган гүл.
Балдардын музыкадай -
Кулакта каткырган үн.

Эгерде сүзгөн болсок,
Деңизде жалгыз кайык.
Катарлар көбөйүптүр,
Шаңкайып чатыр жайып.

Нан менен бала жыты,
Кеткен жок үйүбүздөн.
Жашоолор жана берсин,
Айрыбай сүйүнүчтөн.

Бозоргон мейкиндикте,
Бүлбүлдөп сүңгүп калган.
Бурула кол булгалап,
Биз бекен бара жаткан?

Жетелеп кербендериң,
Жылуулук себеледиң.
Жылмая жеңилдене,

Жыттадым неберемди.
Жан курбум, ыраазымын.
Жапсаң, жап терезеңди...

*26.10.1998-жыл, Тегеран*

## Кошулам бир күн агылып
(Жаратылышка)

Тамырым болдуң кагылып,
Кардыңдан чыккам жарылып.
Качандыр кайда жүрбөйүн.
Кошулам бир күн агылып.

Түйүлдүк болуп жаңырып.
Тумарым болуп тагылып.
Түбөлүк жайым, түйшөлбөс,
Түбү бир барам агылып.

Түрлөрүң түркүн табылып,
Табышмак сырын жамынып.
Тоңбогон - аалам керемет,
Түбөлүк оту жагылып.

Турасың кээде чамынып,
Турасың кээде жалынып.
Турмуштун бийик пабаты,
Турбайбы сенде жаңырып.

Тамырым болдуң кагылып,
Кардыңдан чыккам жарылып.
Качандыр кайда жүрбөйүн,
Кошулам бир күн агылып...

*20.06.1999-жыл, Тегеран*



*Бир туугандарым Намаз, Мурат менен. 1953-жыл, Фрунзе.*



*Ата-энем, бир туугандарым менен. 1953-жыл, Фрунзе.*



*Жаш курак. 1964-жыл.*



*КММИнин студенти кезде өмүрлүк жарым Мукун Асейинов менен баш кошкон бактылуу күн. 1964-жыл, июнь.*



*Өмүрлүк жарым Мукун. 1961-жыл.*



*Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүтүргөндө. 1967-жыл, Фрунзе.*



*Атам, апам, үй-бүлөм.*
*1974-жыл, Москва.*



*Кошуналир. Өкмөттүк резиденцияда. 1988-жыл.*



*Үй-бүлөм. 1989-жыл, Фрунзе.*



*Өмүрдүн бир ирмеми. Жубайым менен. 1988-жыл.*



*Өмүрлүк жарым – Кыргыз Республикасынын Иран Ислам Республикасындагы элчиси Мукун Асейинов экөөбүз Ирандын Президенти аятолла Хатоминин кабыл алуусунда. 1999-жыл, Тегеран.*



*Вена шаарында. 2016-жыл.*



*Венадагы атактуу опера-балет театрынын жанында. 2016-жыл.*



*Будапешт шаарында. 2016-жыл.*



*Эстен кеткис керемет Вена. Балдарым менен. 2016-жыл.*



*Байбичелер кеңеши.*



*Эжем - Кочкордогу*
*Кош-Дөбө мектебинин директору болуп иштеген эмгек сиңирген мугалим, Баатыр эне Роза Асанова*



*Бала-чакабыз менен.*



*Турмуш ирмемдери.*















*Өмүр дөөлөтү: чырпык элек, чынар болдук...*

## Тагдырдын белеги

(Карылыкка)

Кайдагы кусалануу,
Капыстан тебеледи.
Карабай кайратыма,
Карылык келем деди.

Көңүлдүн көк шумкары,
Көрүнбөй төмөндөдү.
Канчалык талпынсаң да,
Качырып женем деди.

Кундуздай чачтарымды,
Күмүш нур себеледи.
Коногу карылыктын,
Конгону келем деди.

Калтаарып элеңдедим,
Кайрадан неге дедим?
Кагылам балдарыма,
Ордумду берем дедим.

Мезгилим, текеберсиң,
Менменсип жеңе бергин.
Жоготуп эскилерин,
Жаңылар келе берсин.

Акыйкат, улуулуктун,
Алдаган амалы жок.
Бошотуп орун берүү -
Мыйзамдын жаманы жок.

Көрсөткөн улуу урмат,
Баарыга дебегинин.
Кадырлуу карылыктын.
Көрөлү кереметин.

Жаштыкта мээнетиңе,
Жалынам мен эмнеге?
Жараткан, дөөлөтүңдү,
Жалгай көр бешенеге.

Калыстык иретинде,
Караймын мен да кээде.
Жарашып кеменгерлик.
Жаштарда болсо, эмне!

Жаңылуу, адашуулар,
Мынчалык болбос беле.
Бактылуу адамдарга,
Жер бети толбойт беле.

Чалкыган акылмандык,
Агылып тереңдерден.
Чачылбай, жыйнамакпыз,
Четтешип жемелерден....

Өзгөчө сактанмакпыз,
Өзүмчүл, кереңдерден.
Өткөрбөй өкүнүчтө.
Өмүрдү ченемделген.

Толукшуп толуп турган,
Турмуштун сересиндей.
Тосолу карылыкты,
Тагдырдын белегиндей.

*8.11.1998-жыл, Тегеран*

## Кечигип сага жолуккам
(Поэзияга)

Акыйкат, туура урушсан,
Айыпкер – менмин, угуп кал.
Айланып көктөн сызбасаң,
Акындыгың куруп кал.

Кыргыздын атын угузган,
Болбодуң жарык жылдыздан.
Аттиң ай, күйүп турбадың,
Асманы сулуу Чыгыштан.

Келтирет кесир оолуккан,
Кечигип сага жолуккам.
Кейибе, баары алдыда,
Калганы - ден соолуктан.

Көңүлүм күндөй чачырайт,
Көрүнсөң чыгып булуттан.
Койнуңа катып кубаныч,
Кош колдоп келип сунушсаң.

Ай сайын болбойт майрамдар,
Ай өтөт супсак куушкан.

Ачууга кетсем алдырып,
Акылын айтып сууткан.

Алыска кетип айрылсам,
Ардактап сүйгөн жумуштан.
Анчалык капа болбо деп.
Алымды сурап турушкан.

Алганың аяр сүйбөсө,
Аялдыгың унуткар,
Айласыз тоңуп турганда,
Аяздуу күндөн жылыткан.

Турмуштун ыйык тасмалын,
Тазалап-ондоп, жуушкан,
Таалайга келген байлыгың -
Табылдың кайдан, туушкан?

Канатың талбай кага бер,
Кур калбай берген ырыстан.
Кааларсың мүмкүн жарк этип,
Карааның күйүп Чыгыштан.

Акыйкат, туура урушсаң,
Айыпкер – менмин, угуп кал.
Айланып көктөн сызбасаң.
Акындыгың куруп кал...

*10.01.2000-жыл, Тегеран*

## Түгөйүмө

Чарк айлантып жумуш деген түгөнгүр,
Чарчаганың билдиргенсийт ирениң.

Чабыттайсың тынымы жок, шумкарым,
Чырым этчи, оорубасын жүрөгүң.

Канатына баскан шумкар уясын,
Кырсыктардан бизди сактап турасың.
Каалаганың - бардыгына жакшылык,
Кызматыңды чын жүрөктөн сунасың.

Жумуш десе, чуркап аны бүтүргөн,
Жумушу жок кабак-кашың түйүлгөн.
Жаның кейип бүтпөй калган ишиңе,
Жаш балача капаланып-күйүнгөн.

Келбетиңе шайыр мүнөз жарашкан,
Күлгөнүңө окшойт жайкы таң аткан.
Коңгуроодой коңур үнүң ободо,
Көңүлүмдүн булуттарын тараткан.

Тынымы жок таскактаган тулпарым,
Тайгаланбай аштың өмүр кырларын.
Тек кеткен жок таң ашырган жылдарың,
Таткын эми турмушуңдун жыргалын.

Кадырыңа жетсем деймин, түгөйүм,
Карбаластан жаңды үрөп жүрөмүн.
Куштарланып көкөлөсүн көңүлүң,
Мен да сени так өзүңдөй сүйөмүн!

Теңир тоодой караанысың элиңдин,
Тунук суудай таза болсун өмүрүң.
Таянычы, мактанычы өзүңсүң,
Тууп-өстүргөн Ала-Тоодой жериңдин!

***20.08.1996-жыл, Тегеран***

## Кадырлашып өтөлү

Кимдер билбейт Кудай бирөө экенин,
Элди бөлгөн эки болбос эзели.
Кудуреттүү ааламдын биз коногу.
Кадырлашып өтөлүчү, кел, бери!

Касиеттүү Жер-Эненин бергени -
Адамдарбыз, өз тагдырдын ээлери.
Кенен болчу, тарыбасын ич дүйнөң,
Кагып ташта катуулукту сендеги.

Кор болбочу көр дүйнөгө, ардагым!
Түз жолуңдан адаштырган ар дайым.
Тең жүргөндү Теңир сүйөт деп коёт,
Так ушунда ачкычтары таалайдын.

Бөлүнбөйлү тил менен дин боюнча,
Бөлсө болот - жаман-жакшы адам делип дайыма.
Жакшы адамда жүрөк таза баарыга.
Жок болот го котур ташы койнунда.

Эй, адамдар, мынча неге бооруң таш,
Эч себепсиз бир-бириңе болуп кас?
Алсыратып ууктуруп баратат.
Селдей каптап элден аккан көздөн жаш.

Алдуу, алсыз же болобу жупуну,
Ар бир жандын жашоого бар укугу.
Кордук, зордук - кыянаттык көрсөткөн,
Өз башына тийет бир күн кусуру.

Тандабайлы жолдордун биз татаалын.
Бекер жерден тартып турмуш азабын.
Жоолашканды жоготолу ойлордон.
Акыл менен чечип түйүн чатагын.

Өзүңө-өзүң эгер душман болбосоң,
Түбөлүгүн тереңирээк ойлосоң.
Жыргал турмуш бизди күтөт болжогон,
Жалгыздабай бир-бириңди колдосоң,
Эй, адамдар, ниетиңди оңдосоң!

Кимдер билбейт Кудай бирөө экенин,
Элди бөлгөн эки болбос эзели.
Кудуреттүү ааламдын биз коногу,
Кадырлашып өтөлүчү, кел, бери!

***26.12.1996-жыл, Тегеран***

## Жолдор

Жаңыдан кадам таштап,
Жетелеп басканыбы?
Балалык чымылдаган,
Чаңыбы, баткагыбы?

Өспүрүм бой тартканда,
Таш көчө – асфальтыбы?
Жетилип желдей сызган,
Жер чийген асманыбы?

Жолдорум, эсимдесиң,
Жамандык издебеген.
Жаңылбай өзүң менен,
Жарышып жазда келем.

Кубалап келечекти,
Жеткирбей ары качкан.
Ар-намыс майданында,
Аргымак күлүк чапкам.

Көнүмүш адат менен,
Кызматтан үйгө шашкам.
Кужурап бакчасынан,
Балдарым келе жаткан.
Кубушуп мектебинен,
Балдарым келе жаткан.

Сезилет бизди жоктоп,
Калгансып ээнсиреп.
Билесиң, бакыт издеп,
Мендейлер миңдеп жүрөт.

Төтөлөп жолдун нугун,
Жамынып айдын нурун.
Келаткан - махабатым,
Купуя менин сырым.

Жолдорум, эсимдесиң,
Жамандык издебеген.
Кубанып өзүң менен,
Күрөшүп күздө келем.

Түгөнүп бир кездерде,
Түңүлсөң мени таштап,
Түбөлүк кош айтаармын,
Эс алып мен да чарчап...

*26.12.1999-жыл, Тегеран*

## Издеймин

Кири жок - дүйнө таптаза,
Кубанып-күлгөн мүнөттү,
Кайрылып келбес балалык,
Калтырып кеткен сүрөттү.

Карайлап тааныш элестин,
Карaанын издеп күн өттү.
Кактаса болот жалынга,
Качанкы тоңгон жүрөктү.

Издеймин ошол мүнөттү,
Издеймин ошол сүрөттү.
Издери калып. өзү жок,
Ичим тап кылып жүдөттү.

Айылдын асыл элеси,
Алыстан күйөт жылтырап.
Түшүмдө көрүп, өңдө жок,
Ойгонсом калат быркырап...

Жүрчүбүз анда чубашып,
Чөкө таандай чуркурап.
Кармап алган балапан,
Канаттары тырпырап.

Нан, жарма, түтүн жыттары,
Бир башкача буркурап.
Бадырак. буудай. жүгөрү,
Кош чөнтөктө тултуят.

Ыймандай сырын жашырбай,
Ызгыттар көктө айланат.
Ысытып ички дүйнөнү,
Ырахат берип жай барат.

Төрт түлүк жандык жамырап,
Төрүңдө талаа жайланат.
Короочу дөбөт корсулдап,
Короосун чалып байыр алат.

Түтүнгө, чаңга бөлөнүп,
Трактор тоодо кармалат.
Тартуулап таттуу музыка,
Төбөдөн торгой шаңданат.

Чүмкөнүп түндүн пардасын,
Чөмүлсө ойго чар тарап,
Чакырып тойго бир-бирин,
Чалчыктан бака жар салат...

Эстеймин ошол мүнөттү,
Эстеймин ошол сүрөттү.
Элеси калып, өзү жок,
Эсимден кетпей жүдөттү.

Кири жок - дүйнө таптаза,
Кубанып-күлгөн мүнөттү,
Кайрылып келбес балалык,
Калтырып кеткен сүрөттү...

*26.12.1999-жыл, Тегеран*

## Кыргызымдын көк асаба - желеги

Кербендей чубап тоолору,
Керилип жаткан береги.
Керемет сулуу мөлт эткен,
Ысык-Көл – жердин кареги.

Кылымга жеткен дареги,
Кыйын экен деп эли.
Колуна бийик көтөргөн,
Көк асаба – желеги.

Мелтиреп тоосу, өрөөнү,
Мээнетиң менен көгөрдү.
Мукамдуу кыргыз күүлөрү,
Дүйнөнү шаңга бөлөдү.

Адамдын жок гоченеми,
Сурабай алып керегин.
Сумсайып басып кетебиз,
Сыйлабай ыйык Энени.

Акылдын сенде терени,
Ар дайым болуп жөлөгү.
Алдына айдап толкунун,
Жардамга шашып жөнөрү.

Ардактап улуу Энени,
Аллешген, сыйлап келели.
Асылдын асыл эмгегин,
Адамдар, кайрып берели.
Балдары, кайрып берели.

Кербендей чубап тоолору,
Керилип жаткан береги.
Керемет сулуу мөлт эткен,
Ысык-Көл - жердин кареги.
Колуна бийик көтөргөн,
Кыргызымдын желеги!

***4.10.1999-жыл, Тегеран***

## Жан жөнүндө элегия

Азып-тозуп жетип келдим,
Мен да жетээр чегиме.

Жер койнунда тынч алаармын,
Башым жөлөп эмчегине.

Алтын башым, алты саным,
Жер энеңди азыктандыр.
Гүлчамбары болсоң экен,
Колдорунда асыл жардын.

Күйүп-бышкан кайран жаным,
Көк асманга зымыраарсың.
Көп жандыктын бири болуп,
Кайра нечен туулаарсың.

Тар көөдөнгө бата албай,
Толкуп-ташып журунаарсын.
Эки дүйнө ортосунда,
Сен да далай кубалаарсың.

Жалындаган жаш болоорсуң,
Жайдар мүнөз, шок болоорсуң.
Жароокерге жете албасаң,
Жүрөк күйүп, чок болоорсуң.

Тайгак жолдо тагдырыңдын,
Зор болоорсуң, кыбыраарсың.
Бактылуулук, бактысыздык,
Дайрасына сыйыпаарсың.

Булуттарга төбөң жетип,
Бул жашоого көрк болоорсуң.
Бардын, жоктун баркын билген,
Бапыраган март болоорсуң.

Бийиктенби, жапызданбы,
Баш айланып жыгылаарсың.
Бир айласын таба албай.
Байкуш болуп тыбыраарсың.

Жалгыз аяк жолу бүткөн,
Жалбырактай карт болоорсуң.
Жарык дүйнө жактырбаса,
Жалп деп өчүп жок болоорсуң.

Жалыны өчкөн денелерден,
Жанталашып сыгылаарсың.
Көз ирмемде көздөн кайым,
Көк асманга зымыраарсың.

Көп жандыктын бири болуп,
Кайра нечен туулаарсың.
Эки дүйнө ортосунда,
Сен да далай кубулаарсың.

## Өмүр көчү

Айланган жердин бетинде.
Байыр алып жашап жатабыз.
Барса келбес бул жолдон,
Барбайм деп кайда качабыз.

Закымдап аалам кезебиз,
Жаман-жакшы дешебиз.
Сапар карып бир күнү,
Саманчынын жолуна,
Биз да учуп жетебиз.

Ойлор келет ушундай,
Айтайын дедим жашырбай.

Теңирим бизге таарынып,
Бергенби жашын кыпындай.

Оокат үчүн күнүмдүк,
Күнөөгө неге батабыз.
Түбөлүк жашоо болбосо,
Түйшүктү неге тартабыз.

Жараткан берип, кайра алып,
Карып кылып ойнойбу.
Асылым адам мына деп,
Өлбөс кылып койбойбу.

Тополоңун тоз кылып,
Ооруларды жойбойбу.
Төгөрөгүң төп бол деп,
Темирден жасап койбойбу.

Ааламдын, көрсө, мыйзамы,
Акыл менен жаралган.
Жоготуп, таап турбасак,
Билмекпиз жашоонун баркын каяктан?

Олжого оңой алданып,
Адашсак жолдон бараткан,
Эмгек менен таппасак,
Билмекпиз бактынын баркын каяктан?

Көзүң өтсө тоо кулап,
Жоктогондой сагынсын.
Даңкың жарык жылдыздай,
Кылымдарды карытсын.

Аздыгына кейибей,
Сапатка көңүл бөлөлү.

Аргында калса адал иш,
Андай адам өлөбү.

Жыргалын жандын издебей,
Эл-жерге иштеп берели.
Тобо кылып баарына,
Тоскоолдорду женели!

## Карылык

О, карылык, сен бир ташбоор арстан,
Кабырынды угаар элек алыстан.
Келиптирсиң жыла басып акырын,
Калтырганы жашоо деген жарыштан.
Кет дегенге айлам да жок, аргам жок.
Өжөрлөнүп жабышканың - жабышкан.

Жакындатып өмүр-өлүм ортосун,
Убакыттын канатында жортосуң.
Каруулары казык кылган асылдар,
Адамдардан сен эмнеге коркосуң?
Жан-дүйнөсүн жабыркатып кыйнабай,
Жапжаш бойдон койсоң неге болбосун?

Сапырылтып асман-жердин ортосун,
Жок кылууга шымаланып жол тосуп,
Күнжамалдын көркүн бузуп кор кылбай,
Күлгүн бойдон койсоң неге болбосун?
Айжамалдын ажарына кол салбай,
Аппак бойдон койсоң неге болбосун?

Эх, карылык, карылыгың оңбосун.
Сугалыктык мүнөзүңө жол болсун.

Дүйнө жүзүн багындырып турсаң да,
Көзүң жаман, көрүп турам тойбосун.
Күүгүм түшүп, кеч кирээрин өмүргө,
Билесиң да табияттын жойбосун.

*2013-жыл*

## Адам баркы

Алтындай күндөр сабалап өтүп жатпайбы,
Кайдыгер карап, менменсип аны чачпайлы.
Жүрөктө күйгөн, Теңирдин берген жарыгын,
Сараңдык кылып түбүнө көрдүн катпайлы.

Өрнөктүү өмүр, тазасын сүйүү барктайлы,
Ачыгын жолдун, бийигин ашуу таптайлы.
Агартып ниет, көгөртүп көңүл гүлдөтүп,
Жүтүнөн Мекен, эрдиктен элдик качпайлы.

Кайраттан жазбай, сабырдуу болуп шашпайлы,
Ыйманды ылгап, ыплас жолго баспайлы.
Ырыскы-дөөлөт келишет издеп өздөрү.
Адамдын баркын түшүрбөй бийик сактайлы!

*20.10.2018-жыл*

## Персия – сулуу өлко

Астачы, Саади, астачы,
Арзуунун отун жакпачы.
О сүйүүнүн пири, кудайы,
Сактачу болсоң, сактачы.

Арфанын чертип кылдарын,
Тыңшачы Хайам ырларын.
Оргуштап агып жатпайбы,
Оодарып кылым чымдарын.

Исфахан, Шираз, Керманы,
Шаңдантып керней, сурнайы,
Шахнаме дастан Фирдоуси,
Айтканын тыңшап турбайбы.

Беш кылым жатса көөнөрбөс,
Килемин айтсаң - канча сөз,
Уздары азиз болушкан,
Бүткөнчө соолуп эки көз.

Арстан аял Томирис,
Айтылып келет көп иміш.
Кирий шах башын алмадай,
Алганын эстен көрүңүз.

Алтындан курган Шах-Ордо,
Азыр да күйүп жалтылдайт.
Байлары эзген бактысыз,
Кужурмөн перси калкын айт.

О, Персия, сулуу өлкө,
Унутаармын аргасыз мезгил өтсө.
Чынар терек, мажүрүм тал, олеандра гүлдөрү,
Аста басып, маек курган -
Кыргыз кызын унутпай, сен да эсте.
О, Персия, сулуу өлкө!

## Курбуларга

Кел, курбулар, колтукташып басалы,
Каткырышып көңүл черин жазалы.
Кыялдардын толкунунда эркелеп,
Өткөн күндөр барактарын ачалы.

Асманыбыз дайым көктөм - жаз эле,
Күндөрүбүз күлкү менен шат эле.
Кыйналсак да, кубансак да бир болуп,
Курдашчылык мөл булактай таза эле.

Аткарылып ойлогон зор тилектер,
Өзгөрдүңөр, ашык кылган жүрөктөр.
Алдыдагы көк жылгаяк өрлөрдөн,
Апкаарыбай аша берсин жүрөктөр.

Жашоо үчүн оор болгон күрөштөр,
Баштан өткөн таш чайнаган мүнөттөр.
Бакыт кушу өзү келип конгонсуп,
Жылмайышат бажырайган сүрөттөр.

Энелердин ыйык жолун бузбадык,
Ташыркабай алыс жолго чуркадык.
Батыралбай аккан тердин үзүрүн,
Отурабыз сый-урматка курчалып.

Куттук айтып курбулардын атына,
Курчап турат ага-тууган сукталып!

## Жүрөк

Санааркап, менден мурун сабыласың.
Санаамды тең бөлүшүп камыгасың.
Күйүкпөс көкүрөктө дулдулум ай,
Күжүрмөн ишиң менен таанылаcың.

Сүйүүсүз аалам муздак, өмүр супсак,
Сумсайып өтмөк экен жашоо уктап.
Жердеги жылдыздардай жымыңдатып,
Жылуулук таратканга сен зор устат.

Жүрөгүм ачык аны сурабады,
Билгизбей зор сүйүүнү кудалады.
Жан-дүйнө жаракасын айыктырып,
Жармашкан булуттарды кубалады.

Санайсың өмүр саатын аяр тыңшап,
Таскагың талыбасын алыс чуркап.
Чача бер ай-ааламга өмүр жазын,
Жеткендер өтүшсүнчү жыргап - куунап.

Жароокер, ишенчээгим, ак көңүлүм,
Жалбарып бардыгына бак тиледиң.
Жылдардын жылас кылган илебинен,
Жалтанбай жаш кезиндей как, жүрөгүм.

Жан досум, жан сырымды сен билесиң,
Жашырып айтпай коём аны несин.
Жалындап ар бир жандын жүрөгүндө,
Жашоонун, сүйүүнүн желекчеси желбиресин!

## Кечиргин

Бейкапар жүрдүм өлбөстөй болуп түбөлүк
Өмүрдүн суусу калбастай мага түгөнүп.
Жасалбай калган иштерге көңүл оорутуп.
Турамын ойлуу мажүрүм бакка сүйөнүп.

Өмүрдүн жазы турчудай дайым көгөрүп,
Жактырган ишти таштагам сууга чөгерүп.
Энелик сезим үстөмдүк кылып кеттиби,
Үй-бүлөм үчүн өмүрдү сайдым көгөрүп.

Канчалык аяп, актасам дагы өзүмдү,
Көп иштер, балким, туура эмес болуп чечилди.
Билбестик менен кетирген болсом кемчилик,
Түшүнүп туура, туугандар, теңтуштар, аны кечиргин!

*2015-жыл, декабрь*

## Адам – асыл!

Кандай гана болсо да, кандай гана,
Кайратыңдан жазылып майдаланба.
Кабактагы бырышты серпип салып,
Кубаналы тирүүлүктөн пайдалана.

Эркелетип кучагында кең аалам да,
Нурун төгөт аябастан бардыгына.
Жарык дүйнө жетели кадырына,
Жармашсак да... экинчи келбей кайра.

Убакыттар уча берсин жерди айлана,
Убайымдар калышсын алда кайда.

Урпактарга калтырсак улуу элес,
Учкундарын жүрөктөрдүн пайдалана.

Атырылып агызса да жашоо сели,
Адамдардын асылдыгын билдирели.
Бөксөрбөсүн билебиз бул дүйнөнүн,
Узатса да түбөлүк сени, мени.
Айбатынан апкаарып алсырасак,
Кубат берип колдосун рух деми.

## Кактус гүлдөрү

(Жашоосу - бир күндүк)

Суктантып жарык дүйнөнү,
Апакай кактус гүлдөдү.
Келдиң го сен да жашоого,
Сүйдүрүп жана сүйгөнү.

Сулуулук сүртүп денеңе,
Суйкайып болбой дегеле,
Бир күнчүлүк жашооңо,
Кубанасың эмнеге?

Табият сыры тереңдир.
Көз жеткис бийик, кенендир.
Өкүнүч менен кубаныч,
Курчутат сезим дегендир.
Оомалуу-төкмө дүнүйө,
Жаңыртат жашоо дегендир.

Арзуунун аппак гүлдөрүн,
Суна бер сунчу кезинде.
Болгон соң өмүр чектелүү,
Баары өтөт тура кеч кирсе.

Кадырын жашоо билебиз,
Картайып калган кезинде.
Кубаныч менен сүйүнүч,
Себе бер гүлдөй сезимге!

*2016-жыл*

## Жашоого жармашып жүргөн кезегим...

Өмүрдүн кыска экенин,
Эске албай жүргөн экемин.
Кайрылып келбес күндөрдүн,
Караанын издеп нетемин.
Калтырдым кандай иштер деп,
Дайрасын ойдуп кечемин.

Жашоонун жалган экенин,
Байкабай калган экемин.
Жомоктой болуп сезилет,
Өткөргөн күндор - кечээгим.
Кубалап жүрүп акыры,
Карылык кармаганын сеземин.

Самандай чачып сапырып,
Узаттык күндүн нечесин.
Бакыт деп сезем өзүмчө,
Балдарым, эл-журтум аман-эсенин.
Ыраазы болуп жашоомо,
Ырахмат айтып өтөөрмүн.

Жалыны жандын басаңдап,
Жалтаңдап жүргөн кезегим.
Оюма деги албапмын,
Өмүрдүн куюндай өтүп кетээрин.

Чаңында калып баш чайкап,
Таңданып жүргөн кезегим.
Жактырбай мени турса да,
Эми жашоого жармашып, дары ичип,
Жабышып, тырмышып жүргөн кезегим...

*20.11.2019-жыл*

## Сыйлап жүр

Кандай бакыт болгону ата-энеңдин,
Жараткандын сага берген белеги.
Бейишинде эркелегин, а бирок.
Ата-энеңе, Мекениңе тийсин дайым керегиң.

Кыйналбайсың, барды-жокту билбейсиң,
Көкөлөйсүң, көпөлөкчө бийлейсиң.
Кышты жайга айландырган керемет,
Билесиңби, билбейсиңби - ким дейсиң?

Киндик каның тамган жериң, Мекениң,
Тамыр жайган чынар терек, бекемсиң.
Ала-Тоодой уюткулуу эл-жерсиз,
Дили сокур, бир бечара пендесиң.

Кадырына жетпеген бар, жеткен бар,
Эстеген бар, эстен чыгып кеткен бар.
Дүйнөдөгү ыйыктын эң ыйыгы -
Ата-энеңди, Мекениңди сыйлап ал!

Тагдырыңа кездештирген таалайың,
Ата-энеңди, Мекениңди унутпагын ар дайым.
Кандай урмат тартууласаң аларга,
Ошондой сый көрсөтүшөт балдарың.

Аска-зоодой тирек болсоң элиңе,
Жашоодогу зор алкышты алганың.
Эмгегиңди элиң барктап, бааласа,
Андан ашкан сыйлык болбойт, балдарым!
Жердин бетин бекер булгап өтпөстөн,
Жүрөгүңдөн улуу сезим арнагын.

*26.11.2019-жыл, Бишкек*

## Жашоо демим

Токточу, токточу, жазым менин,
Токтотсо болобу жазды деги.
Күбүлтпөй гүлдөрүн көңүлдөрдүн,
Гүлдөтчү өмүрдү, жашоо демим!

Сүйүнүч, күйүнүч баары өтөөрүн,
Өлчөгөн бар тура өмүр чегин.
Чаалыгып алыс жол басып келем,
Чабалдык кылбачы, жашоо демим!

Акыркы мүнөттөр кагылганча,
Карылык дабасы табылганча.
Кайдыгер каратпай бул жашоого,
Жалындап жана көр, жашоо демим!

Токточу, токточу, жазым менин.
Токтотсо болобу жазды деги.
Толкуган карылык келе берсин,
Коштой бер дайыма, жашоо демим.
Аяздуу күндөрдөн алып өткүн,
Өчүрбөй жүрөктөн сезимдерим!

*2015-жыл*

## Калыстык

Күн чыкса батат турбайбы,
Күлгүндөй өмүр жыргайбы.
Күлкүнү өңдөн өчүрбөй,
Көтөрүп көңүл сырдайлы.

Ай чыкса батат турбайбы,
Алтындай өмүр куурайбы.
Арзуу деп соккон жүрөктөр,
Акыры токтойт турбайбы.

Жаралган жарык дүйнөнү,
Жалган деп коёт турбайбы.
Жашоону турган жаңыртып,
Жараткан калыс турбайбы.

## Пайда жок

Пайда жок куру-бекер наалыгандан,
Жамбаштап Жаратканга жалынгандан.
Ыйманың көкүрөктө, эмгектенсең,
Күн келет тилек кылып сен самаган.

Жараткан түзгөн болсо адамдарга,
Жашоонун жол картасын алдын-ала,
Айтмакпыз таарынычты биз кимдерге,
Күнөөсүз күнөөлүүлөр болуп жатса.

Ааламды белек кылып Теңир берген,
Байлыгын бапыратып кенен берген.
Шылтоолор боло берет, өзүн актоо,
Эңкейип алалбасак аны жерден,

Асылым, эмгектенсек баары болот,
Бактыны күтө билсек Кудай берген.

## Торгой

Турмушту айлантып дастанга,
Тырмышып чекиттей асманда.
Теребел термелип тыңшады,
Торгоюм, сен ырдап жатканда.

Күн нуру жер бетин жапканда,
Күлүңдөп табият таптаза,
Көкөлөйт көңүлдүн көктөмү,
Торгоюм, сен ырдап жатканда.

Сумсайып жаштыгың качканда,
Санаалар саргайтып басканда.
Эстеймин эселек кездерди,
Торгоюм, сен ырдап жатканда.

Сагынам мукамдуу үндөрүн,
Ажарын ачкан дүйнөнүн,
Жел менен бийлеп ойногон,
Татына талаанын гүлдөрүн.

Гүлкайыр гүлдөрүн ачканда,
Дыйкандар талаага шашканда.
Төгүлсүн эмгектин күүлөрү,
Торгоюм, сен ырдап жатканда.
Ыргагын жашоонун таңшытып,
Ырдай бер ажайып асманда.

*13.09.2013-жыл, Бишкек*

## Жашоо жарышы

Убакыттын таш боорлугу ушундай,
Ойлоп бизди аяп койбойт кыпындай.
Жарк деп жанып жашырынган жаштыгын,
Жүрөк байкуш эстей берет тызылдай.

Багынарбыз жаратылыш шартына,
Байлык, бакыт болсо экен жалпыга.
Бирок, дагы өмүр деген белектин,
Адам чиркин жетпей келет баркына.

Оттуу өмүрлөр күрөштөрдө алышып,
Өжөрлөнө колдор колго карышып.
Октой учкан убакыттын алдында,
Жер-эненин алкагында жарышып.

Өткөндөргө жүрөктөрдү эзбейли,
Өкүнүчтө жаман-жакшы дешпейли.
Күнүмдүк бул көз ирмемдик жашоодо,
Күлүп-жайнап жакшы жагын эстейли.
"Аттиң!" - деген ой калтырбай көңүлгө.
"Атаганат, кандай сонун кез!"- дейли...

***2013-жыл***

## Ой толгоо

Сезимдер түбөлүктүү болбогондур,
Сезимтал акылмандар ойлогондур.
Жаралган адамдардай эки жүздүү,
Айлакер махабат да оңбогондур.

Ааламдын мыйзамдары зор болгондур,
Ак-кара аралашып оролгондур.
Аруулуктун салмагы жеңил болуп,
Арсызга аргасыздан кор болгондур.

Таппасаң түгөйүңдү бул дүйнөдө,
Таарыныч айтасыңбы аны кимге.
Тагдырдын татаалданган тамашасы,
Аяктаар сени менен, о дүнүйө!

## Табамбы

Ая, арбыта бербей санааны,
Анык жүрөктүн ооруп калаары.
Ачык жашоонун бийик асманын,
Айтчы, өзүңсүз издеп табамбы?

Курбум, түшүнгүн менде абалды,
Күндүз баары бир сенсиз караңгы.
Күлүп-жайнаган ушул турмушту,
Күйүп издесем сенсиз табамбы?

Сыйын көрсөтүп - аалам жаралды,
Сүйүү бактылуу кылса адамды,
Сүрү сүрдөткөн - өмүр дайраны.
Сүзүп бүткөнчө бирге баралы!

Ачык жашоонун бийик асманын,
Айтчы, издесем сенсиз табамбы?

*20.05.2000-жыл, Тегеран*

## Альпинистке

Жаныңды тиштеп оозуңа,
Жылдызга болуп кошуна.
Жоготкон жерде бактыңды,
Кеттиңби издеп чокуга?

Мөңгүгө мөңгү кошула,
Магдырайт аска созула.
Кайберен эне колдосун,
Кайратың курчуп, чочуба.

Чыкканың аска бооруна,
Айрыма жоктой оюндан.
Жүрөгү жолборс бул жигит,
Жаралса керек чоюндан.

Бүдайык - кушу жете алгыс,
Бүдөмүк зоонун арасы.
Кийиктей жүргөн секирип,
Азамат – эрди карачы!

Бүркүттөй тырмак матырып,
Бүйлөсүң тоонун жапырып,
Ожөрлүк менен өрдөйсүң,
Ажалды артка качырып.

Түтөктөн демиң кысылса,
Жанчылып денең тытылса,
Татыбайт тарткан азаптар,
Тартуулап турган кызыкка.

Асканын башын тебелеп,
Кубаныч нуру себелеп,
Жеңиштен жүрөк жарылган,
Жыргалдан башка не керек?

Азгырат алдыда белес,
Кан-Теңир, артта Эверест.
Аягы адам баспаган,
Ашууда жүрсөң керемет.

Теңирим, аалам төгүлсө,
Жомоктой өзүң сезесиң.
Табият менен жуурулуп,
Тамчылап эрип кетесиң.

Жетсе да төбөң булутка,
Жөнөйсүң шашып жумушка.
Ийгилик менен аман кел,
Үй-бүлөң күтөт, унутпа.

Азаптуу жецищ жолдору,
Асман-жер менен кошулган.
Бактыңды жерде жоготкон,
Тапкансың бийик чокудан!

*13.06.1998-жыл, Тегеран*

## Эх, эркектер!

Эх, эркектер, эркектер,
Эси кеткен тентектер.
Эр көкүрөк менмин деп,
Эрдемсинген желдеттер.

Наадандыгың кеп кылса,
Намысыңа шек кетээр.
Жүлүнүңдү куйкалап,
Жүрөгүңө тез жетээр.

Кырсыгынан табияттын,
Жабыркаса - айла жок.
Адамдарда айбанчылык,
Кабылдаса - ичиң чок.

Кең ааламды тарытып,
"Азаматтар" болду шок.
Жашоо, үмүт ойрондолуп,
Бүгүн барбыз, эртең жок.

Адам – айбан, ажыдаарлар,
Арaңда бар кутурган.
Ак сүт берген эне эмес,
Аларыңды ким тууган?

Ата-баба сактап келген,
Салтты буздуң, эркектер.
Ата Журтка ээлик болбой,
Антты буздуң, эркектер.

Алчыланган ачуу мүнөз,
Айкалышкан эркектер.
Азап-тозок кайгы-муңду,
Жар салышкан эркектер.

Калың элди кайырчылык,
Дуушар кылдың, эркектер.
Көрөр күнүн - карыпчылык,
Куурал кылдың, эркектер.

Өсүп чыккан өзөгүңдү,
Өрттөп жаттың, эркектер.
Өзүмчүлдүк ойлонушуң,
Өкүндүрөт, эркектер.

Ушак-айың жеңил сөзгө,
Жакындаштың, эркектер.
Ынтымак жок, ырысы жок.
Жакырлаштың, эркектер.

Мансап менен байлыктарга,
Марып жаткан эркектер.
Үй-бүлөсүн, Ата Журтун,
Чанып жаткан эркектер.

Так талашып берген антын,
Танып жаткан эркектер.
Жолдошторун душманым деп,
Жарып жаткан эркектер.

Тарыхты да өзгөртөм деп,
Тантып жаткан эркектер.
Жармач элди аябастан,
Жанчып жаткан эркектер.

Куралдарын качырышып,
Сунуп жаткан эркектер.
Добулбасын согуштардын,
Уруп жаткан эркектер.

Аракечтик, "аяк суюк",
Алда кайда калыптыр.
Басмачылык, баңгичилик,
Белден басып алыптыр.

Жер эмири өзүммүн деп,
Жин ургандай жулунуп.
Ыйык динди адилетсиз,

Бир-бирине тукуруп.
Жырткычтардын жырткычы да,
Жетпей калды өзүңө.
Жайлап-жарып, тонop бүтүн,
Көрүнгөндү көзүңө.

Силер болдуң – үй бузарлар,
Силер болдуң - журт бузар.
Кайраштырып өмүр-өлүм,
Бул турмушту курчутаар.

Ата-бала, сүйгөн жары,
Болмок элең сыйлаган.
Кара мүртөз каардуулук,
Кайдан келди - туйбаган.

Ыйык жериң, энекең да,
Арман кылып ыйлаган.
Конок эмес, космос жактан,
Өз балдары кыйнаган...

Жырткыч болуп ой-кырларда,
Жакпайт сенин жүрүшүң.
Жашаганың куруп кетсин,
Укпай бала күлүшүн.

Эки келбес өмүрлөрдө.
Куурап калган сүйүүсү.
Өтүп кетээр кайран жаштык,
Кумар канбай чүрүшүп.

Намысы бар уул болсоң,
Элиңди бак бөпөлөп.
Ай-ааламга атын чыгар,
Ийгиликтен көкөлөп.

Саясат жок бул дүйнөдө,
Ашкан адал эмгектен.
Бермет терин тамчылатып,
Алаканды тердетсең.

Багындырып жокчулукту,
Байыр алып, бел чечсең.
Бапырандап даам татсак,
Бал татыган чөйчөктөн.

Адашкандын айыбы жок,
Акыл кирип эр жетсең.
Жашоолордун жомоктордой,
Келээр күнүн тездетсең.

Эх, эркектер, эркектер,
Жашоолордун жомоктордой,
Келээр күнүн тездетсең!

*2.10.1999-жыл, Тегеран*

## Балдарымдын балдары ойносо экен

Балалыктын асманы башкача эле,
Булуттарда оюнчуктар жатаар эле.
Балапандын түгүндөй кыял менен,
Бүт дүйнөгө чабыттап кайтаар элем.

Күн кызарып ажайып батаар эле,
Кирпиктерин Ала-Тоого катаар эле.
Сулуу кыздай кол булгап уялыңкы,
Алтын чачын асманга чачаар эле.

Ошондо бир кумарга батаар элем,
Ак булутка эркелеп жатар элем!
Алар менен кандырып оюнумду,
Айдын жолун акмалап басар элем!

Ай-жылдыздар негедир жакын эле,
Аймалашкан асмандан басып келе.
Кубалашып жашынмак ойногондо,
Көктө туруп табышчу бачым эле...

Бал жыттанып топурагың татты эле,
Бачайыдай шиберлер жакчу деле.
Булбул, торгой, чегиртке сыбызгытса,
Дайрасына жыргалдын акчу элем!

Кызыл, сары көпөлөк момпосуйдай,
Калчу эмесмин аларды кармап тынбай.
Асман-жердин ортосун чарк айланып,
Жыгылчумун кечинде бутум жылбай.

Чымылдыктын гүлдөрүн таксам чачка,
Чет өлкөнүн духиси жетпес ага.
Мончоктору мойнумда картошканын,
Модалардын модасы болчу анда.

Күн жебеси ийилип жаадай болуп,
Жамгырларга жуунса тоого конуп,
Көз уялткан табийгат сулуулугун,
Көргөзмөдөн таппасың издеп жүрүп!

Муз аянты тоңгон саз таңдан кечке,
Айтып бүткүс салтанаттар болоор эле.
Тепши, талпак, жампага минип алып,
Табышмактуу өлкөлөргө коноор элек!

Жемек тургай, көз көрбос жемиштерден,
Бээмчектин, кемирчектин пайдасы көп.
Чоң театр оюну тең келбеген,
Чий куурчактар андагы кайда жүрот?

Толгон-токой оюндар тапчу элек,
Кандай укмуш буюмдар "сатчу" элек.
Канатында кыялдын куштай сызып,
Жети кабат асманда басчу элек.

Жок дегенди өмүрү түк билбеген,
Телегейи балалык тегиз келген.
Каалагандын баарысы орундалган,
Байлыктары төгүлүп жаткан белем!

Балалыктын олкосу чексиз кенен.
Байыр албай ар жерде учуп жүргөн.
Азыр дагы асманга кирпик кадап,
Күлкүлөрдү калтырган издеп келем.
Бош калбасын алтындай оюнчуктар,
Балдарымдын балдары ойносо экен!

Балалыктын асманы таза эле,
Булуттарда оюнчуктар жатаар эле.
Байчечекей түгүндөй кыял менен,
Бүт дүйнөнү багынтып кайтаар элем.
Баатырлардын баатыры тең келбеген,
Баатырдыкка сендеги жоктур ченем!

*11.11.1996-жыл, Тегеран*

## Сүйгөнүңө жеткенине сүйүнбө

Сүйгөнүңө жеткениңе сүйүнбө,
Жүрөгүңдү таргуу кылып бүлүнбө.
Айдап кетет көкүрөктүн жалынын,
Сапырылтып күндөрдүн бир күнүндө.

Кааласаң да, каалабасаң кээ күндө,
Кагылыштар болот экен тирүүдө.
Кайдыгерлик, көңүл калуу башталып,
Жыргалынан азабы көп сүйүүдө.

Жетим болуп жетип азап жегенче,
Жүргөн жакшы жетпей алыс сүргүндө.
Жаркын маанай элестери жалындап,
Жарык чачып күйө бермек түнүндө.

Сүйгөнүңө жеткенине сүйүнбө,
Жыргалынан азабы көп тирүүдө...

*2000-жыл, Тегеран*

## Эстеликтер калтырганга шашалы

Бул дүйнөнүн өзүнчө бир сыры бар,
Капа болуп кейибейли, адамдар.
Бүгүн барбыз, эртеңкисин ким билет,
Чериң жазып, чын жүрөктөн күлүп ал.

Кайталангыс ааламдагы сулуулук,
Каректериң талыганча илип ал.
Көкүрөктө жүрөк согуп турганда,
Көкөлөтүп сүйчү болсоң, сүйүп ал.

Ата Мекен, Ала-Тоодун кадырын.
Күч-кубатың бар кезинде билип ал.
Айтып келбес калайык-калк түйшүгүн.
Апкаарыбай, атырылып, күйүп ал.

Кайдыгерлик мүнөздөрдөн качалы,
Кандайдыр бир ачылыштар ачалы.
Калбасынчы эртесинде кеч болуп,
Эстеликтер калтырганга шашалы.

Убакыт-жыл уурдай берет катарың,
Урпактарга жол көрсөтүп басалы.
Өмүр өтсө сөз калсынчы артыңда:
"Кайран киши, адамдардай жашады!.."

Кайдыгерлик мүнөздөрдөн качалы,
Эстеликтер калтырганга шашалы!

***21.11.2005-жыл, Бишкек***

## Сүйүү боёктору

Сүйүүлөрдүн билинбеген бир күчү,
Суктандырып сулуулашат турмушту.
Сагынабыз, эркелейбиз, тойбойбуз,
Сүйүү барда жашоо ошончо кызыктуу!

Жан-жаныбар алсаң эгер сүйүүсүн,
Жашоо берген ал - турмуштун бир күүсү.
Куш да болсо бир-бирине берилген.
Таң калтырат ак куулардын сүйүүсү.

Жан жыргаткан жаштыгыңдын күлкүсү,
Жүрөктөрдө - тазалыктын үлгүсү.
Жаш адамдын таалайына табылган,
Жашай берсин кыз-жигиттин сүйүүсү.

Киндик каным тамган жерим – ыйыгым,
Көтөрөйүн тагдырыңдын кыйынын.
Сенсиз жашоо өлүм менен барабар,
Сага арнаймын сүйүүлөрдүн туңугун!

Жалгыз сага бардыгы сыйынган,
Сүйүүлөрдүн бир башкача бийиги.
Ойлонбостон бала үчүн жан кыйган,
Эне сүйүүсү - сүйүүлөрдүн ыйыгы,
Эне сүйүүсү – сүйүүлөрдүн улугу!

Сен болбосоң, турмуш супсак, кунарсыз,
Өмүр өтмөк эптеп-септеп - жыргалсыз.
Табияттын татынакай күчүнө,
Таазим кылып жашай бер деп сурайбыз!

Жаша, сүйүү, жаша, бизди таштаба,
Сен керексиң жан-жаныбар - башкага.
Жүрөктөрдө жалындарды өчүрсөң,
Кимге керек сенсиз жашоо ааламда?..

*15.08.1996-жыл*

## Жаштык

Жаркыган жазың маңдайда,
Жаштыгың өзү – майрам да.
Аттиң ай, өмүр өтсөчү,
Жаш эле бойдон сайранда.

Жаштыгың өзү – сулуулук!
Жайнаган түрүң кубулуп.
Жашоого дайым дем берет,
Өзүңдөн калган жылуулук.

Жаштыктын көркү - сүйүүдө,
Жан берген өмүр гүлүнө.
Жадырап-жайнап гүлдөп кал,
Жаш боло бербейт күнүгө.

Жаштардан чыккан баатырлык,
Тарыхта калган жазылып.
Тайманбай кирип душманга,
Ок болуп тийген атылып.

Карылык келип багынтаар,
Жаштыгың анда сагынтаар.
Жанар тоо болуп жалындап,
Кумардан, адам, канып кал!

Жаштыктын жеткин баркына,
Жашообуз кыска ансыз да.
Жакшы иштер калса артыңда,
Жашайсың өлбөй калкыңда.
Асмандан тийген жылдыздай,
Жаркылда, адам, жаркылда!

*10.08.1996-жыл, Тегеран*

## Шаарым бар

Жаз келгенде жердин бети жаңыраар,
Жаштык кезин ар бир адам сагынаар.
Жарык дүйнө сарандыгын жашырбай,
Жармашсаң да, салкын тартып арылаар.

Жүрөк байкуш өткөндү эстеп зарыгаар,
Карылыкка моюн бербей чамынаар.
Жараткандын жарлыгына баш ийбес,
Жоболоңго анын кандай алы бар?

Кызык тура билинбестен карыган,
Өзүн-өзү тааный албай жаңылган.
Өзгөрүлүп жаштык келбет, кулк-мүнөз,
Кайдан чыкты көзгө тааныш бул адам?

Жылдар өтсө, канча оттор жагылаар,
Бири өчсө, экинчиси жалындаар.
Жоголбосмун мен да такыр дайынсыз,
Жер үстүндө Теңир берген шаарым бар!

Жаштыктын да, карынын да шаңы бар,
Жакшылыкка үндөп турган таңы бар.
Жашап өткөн балдарынын астынан,
Айтып бүткүс карылардын багы ал.

Жарык дүйнө сараңдыгын жашырбай,
Жармашсаң да, салкын тартып арылаар.
Айланайын, бар байлыгым - балдарым,
Аябасмын, жашым эмес - баарын ал!..

*25.03.1997-жыл, Тегеран*

## Календарь

Календардын барагын айрыганда,
Кыйылгансып негедир кайгырам да.
Күндөрүбүз билинбей өтүп жаткан,
Окшогонсуйт күбүлгөн жалбыракка.

Жалбырактар саргайган - жааган жамгыр,
Жайнап жатты эсепсиз арт жагымда.
Шуудураган үндөрү аянычтуу,
Коштошконсуп сезилет кыялымда.

Силер менин алтындай күндөрүмсүң,
Сагынармын, санааркап күдөр үзбөй.
Сапарымдын ар жагын улантайын,
Ак жол каалап койгула тийген күндөй.

Таңыбызга эртеңки кубанабыз,
Тагдырлардан жакшылык суранабыз.
Түбөлүккө кош айткан мезгилдерди,
Убакыттан канткенде жула алабыз?

Календардын барагын айрыганда,
Кыйылгансып негедир айбыгам да.
Күндөрүбүз билинбей өтүп жаткан,
Окшошконсуйт күздөгү жалбыракка.

*12.11.1996-жыл, Тегеран*

## Каалайм ак жол

Жоогазындай жаштык деген сулуулук,
Жамгырларга калган небак жуулуп.
Жүрүп кеткен мезгилимдин дабышы,
Жан кейитет кээде ыраактан угулуп.

Жаштык күндөр көз уялта жаркылдай,
Эсте калдын эскирбеген алтындай.
Эңсеттирген күлкүң калды артында,
Түштө көрүп өкүндүргөн закымдай.

Өткөн күндөр сагындырат, күлдүрөт,
Жаш балача элжиретип сүйдүрөт.
Жагалданат, жылт деп кайра жашынып,
Жүрөгүмдүн терендинде күлүндөп.

Эрмек кылып элесинди тутамын,
Эстегенде ичим күйүп, кусамын.
Байкалбаган барктуулугун андагы,
Бүгүн минтип ыйык тутуп турамын.

Жандап жүргөн курбуларым кечээги,
Жанды үрөп айдайт турмуш кемесин
Көрүшкөндө кадимкидей жашартып,
Кубат берет өткөн күндөр элеси.

Табияттын сүрөтчүлүк ишинен,
Айланганбыз орто жашта кишиге.
Тартуу кылган тагдырына ырахмат,
Топук кылып тобо деймин ичимден.

Жашыл-поезд кетти алыска кайрылбас,
Жүргүнчүлөр алмашылган - баары жаш.
Жолдошума караан болуп жанында,
Түшкөнүбүз жүгү оор чоң "камаз".

"Камазыбыз" бирде өргө жөргөлөй,
Бирде ылдый шашкалактап эрбендей.
Турмуш жолдо ынтымакта үй-бүлө,
Үмүт менен чубап келет кербендей.

Оор "камаз", ак жол сага каалаймын!
Түз жолундан адашпагын, тайбагын.

Ашуулардын нечен түрү алдыда.
Айдоочусу, рулду бек кармагын!

*1996-жыл, октябрь, Тегеран*

## Жашоонун баркын билели

Күндөр чубап өтүп жатса билинбей,
Кайран өмүр, көрүнбөссүн бир күндөй.
Кош айтышып сен да бир күн кетээрсин,
Жайдын салкын, өтө кыска түнүндөй.
Кетсең дагы чексиздикке түбөлүк,
Ушул дүйнө жашай берет төгүлбөй.

Максат эмес жашап өтүш жөн гана.
Билинбеген барың-жогуң эч кимге.
Жок дегенде, жарын үчүн жашасаң,
Орун берип жүрөгүнүн төрүнөн,
Айландырат эңсеп жүргөн гүлүнө.

Жашоо баркын ойлосо эгер адамзат,
Жан кейиткен көп адаттан арылмак.
Болбостон ал бул турмушка наразы,
Кайра-кайра жаралсам деп зарылмак.
Ырыс толуп, ар бир үйгө бак конуп,
Турмуш көркү укмуштуудай жаңырмак!

*20.06.1996-жыл, Тегеран*

## Кут

Өмүрдүн сүтү,
Эненин жыты -
Эгерим болчу.
Баланын куту.

Ачуу туз, кермек,
Атанын жыты –
Алдастап урган,
Жашоонун куту.

Алмончок гүлдүн.
Атырдай жыты -
Ак жибек сулуу,
Арзуунун куту.

Азгырган жүрөк,
Азамат жыты -
Алтындай жаштын,
Кумары - куту.

Нан менен бала,
Айкашса жыты -
Таалайлуу үйдүн,
Толкуган куту.

Тасмалы толо,
Тамактын жыты -
Табылгыс байлык,
Токчулук куту.

Эзилип бышкан.
Эжигей жыты -
Мал киндиктүү,
Элимдин куту.

Керилген талаа,
Керемет жыты -
Эмгектен тапкан.
Дыйкандын куту.

Жалбызы жыпар.
Жеримдин жыты -
Жаныңа бергис.
Журтумдун куту.

Алтындай – казык,
Айкөлүң Манас -
Асмандан тийген,
Ааламдын куту.

Кылымдын тандап,
Учурган кушу -
Кут болсун, калкым,
Кутуңар ушу!

*25.05.1998-жыл, Тегеран*

## Калама

(Иран элинин улуттук наны)

Эзелтеден ыйык туткан,
Кыргыз менен фарсынын,
Сүйгөн наны экенсиң.
Аба-суудай өмүрлөргө,
Керек даамы экенсиң.

Ата-бабам урмат кылган,
Күкүмдөрүн жерден жыйган,
Коногуна койгон сыйлап.
Улук тамак экенсиң.
Учурунда дартка даба,
Дары дагы экенсиң.

Дасторкондун көркү болбос,
Сен болбосоң буркурап,
Береке бар, көңүл куунак,
Болуп жатат ынтымак,

Кубандырат каламалар,
Ак кагаздай чубалган.
Жакшынакай ийлетилип,
Автоматтан чыгарган.
Кардарларга таразалап,
Кесип коюп сатылган.

Айта берсе түгөнбогон,
Жомок тамак экенсиң.
"Конок" болуп биз жакка да,
Барып калаар бекенсиң?
Кудай берсе, нан цехтерден,
Чыгып калаар бекенсиң?
Элдин сүйгөн тамагына,
Жарап калаар бекенсиң?
Жагып калса эл-журтубуз,
Калып калаар бекенсиң?

Күлкү, шаттык өзүң менен,
Ажырабай кошо келген.
Бала менен нандын жыты,
Кете көрбө биздин элден!

Ар убакта бар болгунуң,
Эл каалаган ырыскы.
Дасторкондор кемибесин,
Дүйүм тамак-аштардан.
Арасында нан көп болсун,
Каламабыз баштаган.

Калкта болсун токчулук!
Кудай сакта ачкадан!!!

*10.07.1996-жыл, Тегеран*

## Тагдыр

Таң калбагын бул жашоого, садага,
Таарынбагын, алдырбагын санаага.
Төрөлгөндөн жазып койгон маңдайга,
Тагдыр деген белек тура адамга.

Тагдырың ал - кудуреттүү таксырың,
Тирүүлүктө бийлеп келген акырың.
Кутулбассың жазып койгон жазмыштан,
Качкан менен канча ыраак чакырым.

Тагдырлардын нечен түркүн түрү бар,
Таттуусу да, ачуусу да, гүлү бар.
Тагдыр менен ойнобостон, сыйласаң,
Таалай сага күлө карап бурулар.

Бирде жүрсөң бейиштерде ачылган,
Бермет, жакут таманында чачылган.
Күмүш канат, күлүк куштай зымырык,
Кайкып учкан аскалардан, ашуудан.

Бирде күйүп, кара жаның чок болсо,
Жарык дүйнө караңгыга окшосо,
Кыйын эмес күйүп, кыйрап жок болуу,
Кыйындыкты адам өңдүү тоспосо.

Абийир, намыс, эмгек тура, карагым,
Айбандардан айырмасы адамдын.

Аз да болсо энчиленген өмүрдү,
Адамдарча жашаганга жарагын!

Тагдырлардын татаалданган долбоорун,
Эмгектенсе болот тура оңдоого.
Сая түшсөң бийиктерге саргая,
Жасап алчу тагдыр кээде колдогу.

Кармашуудан жомок сымал жаралган,
Тагдырларын жасап алган баатырлар.
Күлүп турган тагдырларын бүлдүрүп,
Кимге шылтайт күнөөлөрүн "жакырлар".

Таалайыңды көтөрө бил, адамым,
Убакытка үмүт менен карагын.
Колдон келсе Прометей баатырдан,
Тагдырыңды колго алууга жарагын,
Тагдырыңды гүлдөтүүгө жарагын!

*1996-жыл, октябрь, Тегеран*

## Бишкекке кат

(Чет жердеги ишкерлерден)

Ардагым Бишкек, аманбы?
Арнаймын ушул саламды.
Амандык каалап, ойлой жүр,
Алыста жүргөн балаңды.

Садаган Бишкек, аманбы?
Сагынып айтам саламды.
Салмагы тоодой иштерди,
Бүтүрүп бир күн барамбы?

Ишенич менен жөнөттүң,
Ишиңе жарап каламбы?
Ийгилик каалап, эстей жүр,
Чет жерде жүргөн балаңды.

Күлүндөп күлгөн кабагы,
Күндөрдү кайдан табалы.
Көкөлөп сызган булуттан,
Күнүгө айтам саламды.

Каткырып күлгөн баягы,
Кыялы кайда баланын?
Калкымдын сүйгөн калаасы,
Каалаймын эсен-аманың.

Калтырган жаштык жамалын.
Издесем сенден табамын.
Канчалык кубат, дем берет,
Алыста сенин карааның.

Жалындап ишке жанамын,
Жыргалы элдин - талабым.
Жаштыкты, жанды аябай,
Жиберген жакка барамын.

Түшүнүп заман абалын,
Түйүлөт бүгүн кабагың.
Тайгак жол өтсөң тартынбай,
Бишкегим, ишке жарадың!

Дүйнөдө түркүн шаарлар,
Өзүңө бири окшобойт.
Жаркырап-жайнап турса да,
Бакыттын күүсү коштобойт.

Болоорсуң эми чагылган,
Болоорсуң эми кабылан.
Бороондуу күндө майышпа,
Бутуна турбайт багынган.

Кайраттуу кыргыз элиң бар,
Колдогон Манас шериң бар.
Керилип жаткан салкын төр,
Ала-Тоо – бейиш жериң бар.

Ишенем өсүп кетээриң,
Дүйнөгө үнүң жетээрин.
Кучагын жайып куттуктап,
Кубанар сага Мекениң.

Кырмызы туусу жарашкан,
Кылкылдап чыгыш тараптан.
Кылымдан кылым жаңыртып,
Кыргызың кетип бараткан!

Байсалдуу болсун сапарың,
Байысын доско катарың.
Башыңдан кетпей бак-таалай,
Бишкегим, эркин жашагын,
Кыргызым, эркин жашагын!

*9.05.1997-жыл, Тегеран*

## Мезгил кайрыктары

Көпөлөк көйнөк кийинип,
Көк улак болуп түйүлүп,
Күнүгө аткан таңымды,
Күтчүмүн шашып сүйүнүп,
Балалык кезим балтыркан-
Балама кетти жүгүрүп.

Ак көйнөк кийип суналган,
Ак куудай болуп буралган,
Ай менен гүлгө теңешип,
Ашыктык ырлар ырдаган,
Акактай тунук кыз бурак -
Кызымдан көрүп кубанам.

Ээрчишип эгиз маралдай,
Түгөйү менен жарашкан,
Балдарды жүрсөк жетелеп,
Суктанып жандар карашкан,
Суйкайган сулуу келин кез -
Келиниме барып жанашкан.

Күркүрөп күзүм келиңгир,
Агызган маңдай теримди,
Көп жылдан берки эмгектин,
Тергенде түшүм көрүндү,
Уул-кыздан көрүп ырахат,
Көңүлүм көккө теминди.

Өмүрдүн кышы алдыда,
Кычырап бизди күтүнөт,
Караны тоодой тенимдин,
Тондурбай өтөр жетелеп,
Балдардын кетсек астына,
Чуркаган бойдон экөөлөп.

*9.08.1996-жыл, Тегеран*

## Жалдыратпа

Жалындап күйүп-өчкөн,
Өмүрлөр шам чырактай,
Жадырап-жайнайлычы,
Жашоону жалдыратпай.

Күз келип саргаябыз,
Күбүлүп жалбырактай.
Күлкүдө өткөрөлү,
Күндөрдү жалдыратпай.

Жарашып жазың менен,
Жүрүшүн, айтчы, кандай!
Жылдыздай жанып калчы,
Жаштыгың жалдыратпай.

Сезимдер толкуп-ташып,
Турганда жерге батпай,
Сүйүнтүп көкөлотчу,
Сүйүүңдү жалдыратпай.

Жалындап күйүп-өчкөн,
Өмүрлөр шам чырактай.
Жаадырап-жайнайлычы,
Жашоону жалдыратпай!

*1.11.1999-жыл, Тегеран*

## Өлтүрдүң жүрөктү сөз менен

Өлтүрдүң жүрөктү сөз менен,
Өзүңдөн мындайды күтпөгөм...
Өкүнүч болобу күнөөсүз,
Өмүрдүн аягы бүтпөгөн?

Күлөмүн каткырып күч менен,
Курдашым, себепсиз суз белең?
Турмушта тазалык мендеги,
Теңдешээр апакай сүт менен.

Чекилик экөөлөп кетирген,
Ченешке болобу сөз менен.
Чайкалган ырыскы, төгүлбө,
Чыр болбой аягы көптөгөн...

Баштагы бактыны барк албай,
Болбойлу курр-бекер көрмоксөн.
Туманды тараткан төбөңдөн.
Теңтушту эстээрсиң өлбосөң.

Өлтүрдүң жүрөктү сөз менен,
Өзүңдөн мындайды күтпөгөм...
Өкүнүч болобу күнөөсүз,
Өмүрдүн аягы бүтпөгөн?
Өгөйлөп, азаптуу өстүргөн,
Өчүрдүң жалынды сөз менен!

*14.06.1998-жыл, Тегеран*

## Тегеран кайрыктары

Тегеран шаары деңиздей,
Кылкылдайт жээги көрүнбөй.
Койнуна тартып батырды,
Кодулап, бизден бөлүнбөй.

Жашаган жерим – "Фарманда",
Кайрылгын кыргыз жармага.
Даректи айтып чакырдык,
Келбесең, калба арманда.

Пайданын чыгаар жолдорун,
Посолдор ойлойт баш ооруп.
Ийгилик болот, шашпандар,
Болсунчу бекем ден соолук.

Көнбөгөн кыргыз келиндер,
Чүмбөттөн кийген чапанга.
Чыдабай тышта ысыкка,
Чыгалбай үйдөн биз капа.

Айла жок, кайда бармаксың?
Окшотуп талаа каргасын,
Чалынып кара чапанга,
Кыргызым дейсиң - кайдасың?

Персиянын тилин билбейбиз,
Түшүнтүп жаңдап сүйлөйбүз.
Алдап койду каапыр деп,
Дүкөнчүлөрдү тилдейбиз.

Иши жок үйдө жатабыз,
Бурчтан-бурчка басабыз.
Кашайтып жинге тийсеңер,
Бишкекти карай качабыз...

Бирок, жакшы турмуштар,
Табылып жатат жумуштар.
Болсо дайым ынтымак,
Боло бермек ырыстар.

*1996-жыл, сентябрь, Тегеран*

## Курма терген келинге

Суйкайып терген кериле,
Сукганам иран келинге.
Сары алтын түстүү жемишиң,
Күч-кубат берген өмүргө.

Шак ийип, мөмөң төгүлгөн,
Шам чырак жанган өңүндөн
Шарабы белең жаштыктын,
Шампандай атып көбүргөн?

Кечпеген көлүң көрүнгөн,
Өтпөгөн төрүң теминген.
Кадырды билээр сиз үчүн,
Качпастыр жигит өлүмдөн.

Кулундай туйлап элирген,
Козгогон жаштык деминден.
Кумардан канаар эр жигит,
Кармаса кымча белинден.

Кулпуруп таңы сөгүлгөн,
Керемет жансың деги сен.
Курманы болоор сүйүүнүн,
Татканда таттуу эринден,
Курмадай ширин эринден!

Эзилтип жүрөк дегдеткен,
Эркем ай, сенин күчүн ай!
Эңсеген ойго жеткирбес,
Чиркинин тагдыр ушундай,
Персинин пери кызы ай!..

*Тегеран*

## Ак кептер

Аярлап көңүл ооруткан,
Адамың менмин сени эстээр.
Алышып ойноп эркеле,
Акырын жылып күн кечтээр.

Айосуз мезгил талашаар.
Ажардын көркүн нур сепкен.
Азабын тартпай жашоонун,
Armансыз болчу ак кептер.

Ардакта ар бир мүнөттү,
Алаксып жүрбөй күн өттү.
Айласыз кыска өмүрдө,
Азгырып турчу жүрөктү.

Жадырап-жайнар убакты,
Жашырбай-жаппай узатчы.
Жакшыга жакшы жарашып,
Жапашын турса уятпы.

Кетпестей болуп туратпы,
Кездешкен ушул курак бу.
Куушуп күндүн астынан,
Кубанып жайчы кулачты.

Утурлап өмүр кезегин,
Укмуштай болуп кечээгим,
Убара болуп сен менен,
Мен дагы булут кечемин,
Өзүмдү сендей сеземин.

***2000-жыл, Тегеран***

## Ким экен анан, мен эмей!

Жылмая көктөн чачырап,
Жылт этип кайра жашынат.

Жашоодон кумар кандырбай.
Жаштыгың кайда ашыгат?

Мөндүрдөй согуп шатырап,
Мээримин төгүп басылат.
Махабат черин жаздырбай,
Эх, чиркин, мөлмөл көз кайда шашылат?

Канчалык таттуу болсоң да,
Жаштыгым, сага суктанбайм.
Табийгат берген белегим,
Балдардан аны кызганбайм.

Тагдырым болоор телегей,
Армансыз болуп кенедей.
Жылдыздай жанса балдарым.
Ким экен анан, мен эмей!

*12.02.1997-жыл, Тегеран*

## Небере

Небере деген ким экен?
Жашоодо жанган шам экен.
Түбөлүк кылган адамды,
Башаты турмуш жан экен.

Саймалап өмүр көрктөгөн,
Сары алтын сенин үрөнүң.
Тарыхта жаңы барактар.
Толкутуп заман үндөөрүң.

Канчалык уксаң танбаган,
Жашоонун мукам күүлөрү.

Жыттасаң кумар канбаган,
Сүйүүнүн назик гүлдөрү.

Сайраган булбул багыңда,
Өмүрдүн күзгү маалында.
Дүйнөдө ашкан жыргал жок,
Чулдурап жүрсө жанында.

Караанын сүйүп кагылам.
Көрбөсом издеп сагынам.
Күч-кубат алып өзүңдөн,
Аманың тилеп жалынам.

Балалык мезгил баг өтүп,
Байкалбас бойго жеткениң.
Багыңа жазып бейкуттук.
Бапыран турсун Мекениң!

Айбаты катуу мезгилдин,
Алмаздай курчуп жетилгин.
Алдыга сүрөп өлкөңдү,
Уул-кызы элдин дедиргин.
Уул-кызы доордун дедиргин!

Небере деген ким экен?
Баа жеткис байлык, дүйнө экен.
Жашоого жаңы дем берген,
Таалайга бүткөн берекем!

*1999-жыл, ноябрь, Тегеран*

## Атама ант берем

(Чыңгыз неберемдин ыры)

Атыңдан айланайын Ата деген,
Артыңдан ааламга мен да келгем.
Асманым сен жаркытып турбаганда,
Эркелеп ойноп-күлүп жүрөт белем?

Атакем, кол кармашып өмүр сүргөн,
Бактылуу күндөрүмдүн күндөрүнөн.
Арнаган адал эмгек кулунуна,
Адамым дүйнөдөгү ыйык көргөн.

Токтолбой мен да өсүп жетилээрмин,
Торолтуп, кубат берип сенин демин.
Тартынбай ашуулардан ашаар элем,
Артынып оор жүгүн эл-жеримдин.

Билемин максатымдын бийиктигин.
Бийледи тынчтык бербей улуу сезим.
Ардактап эмгегиңди актаймын деп,
Атаке, бүгүн сизге ант беремин!

Атыңдан айланайын Ата деген,
Артыңдан ааламга мен да келгем.
Асманым сен жаркытып турбаганда,
Эркелеп, ойноп-күлүп жүрөт белем!

*23.11.1999-жыл, Тегеран*

## Ак роза гүлү

Ак кардай түрү,
Ак жайдын күнү.
Ачылды жайнап,
Роза гүлү.

Гүлдөрдүн гүлү,
Күлкүңдө сүйүү.
Күлгүндөй кезиң,
Бийлейли, жүрү!

Суналган жерден,
Сулуулук сенден.
Суктанбай койгон,
Бар бекен пендең?

Ойлобо, эркем,
Болоорун эртең.
Болжошкон жерге,
Бат эле келсең.

Жаштыгың жайнап,
Жылыга келген.
Айрыма зор го,
Сен менен менден.

Аздыгын билип,
Өмүрдүн берген.
Адамдар сендей,
Болбодук кенен.

Ак кардай түрү,
Ак жайдын күнү,
Ачылды жайнап,
Роза гүлү.

Гүлдөрдүн гүлү,
Күлкүңдө сүйүү.
Күлгүндөй кезиң,
Бийлейли. жүрү!

*Тегеран*

## Тереза, улук Апажан

*"Биз зор иштерди аткара албайбыз. биз майда иштерди зор сүйүү менен аткарабыз".*

***Тереза эне***

Тереза, улук Апажан,
Теңирдин кызы аталган.
Тамчыдай тунук өмүрүн,
Тартуулап элге жашаган.

Боорукер, айкөл - бул адам,
Байлык, мансап жыйбаган,
Болгон асыл сапаты -
Бей-бечара сыйлаган.

Сака бою сары алтын,
Садагасы бир кемпир.
Жасап кеткен жакшылык -
Жер шарына теңдештир.

Шах, падыша, президент,
Аятолла, бизнесмен,
Кадыр-баркы жагынан,
Караандабас пенделер.

Күч-кубаттуу аялзат,
Кайдан келген дебеңиз.

Колдон келген алсызды,
Көңүл тунук бир дербиш.

Өрнөк болгон өзгөгө,
Өлбөс анын сүйүүсү.
Өмүр сарптап өкүнбөй,
Карапайым жүрүшү.

Азап, ажал, кайгы кечип,
Арзып өмүр сүрүшү.
Ашып-ташкан мээрмандык,
Адамдыктын үлгүсү.

"Аздыр-көптүр жумушту,
Аздектеп жасап келебиз.
Апкаарытса кыйындык,
Алп сүйүү менен женебиз", –
Деп айткан кайран Энебиз,
Асыл ой, чиркин, дегенбиз.
Ачкычы туура турмуштун,
Алпкелчү жыргал ченемсиз.

Сүйүүдөн жерди гүлдөтсөк,
Сүйүүдөн өмүр бүрдөтсөк,
Сүйүүсүн кайран Эненин,
Сугарып көңүл түрдөтсөк.

Тереза, улук Апажан,
Теңирдин кызы аталган.
Түп жайы албан болсо да,
Адамзат үчүн жашаган.

Тарыхта калган тагдырды,
Таңданбай кантип жаза алам?

Талкалап торун ташбоорлук,
Таалайлаш болуп ос, адам!

*10.02.2000-жыл, Тегеран*

## Жериме келди жаңы жыл
(1998-жыл – жолборс жылына)

Айбаты сүрдүү кабылан,
Жыл келди жаңы жаңырган.
Өткөрүп бердик өзүңө,
Өмүрдүн саатын кагылган.

Жылкыга келген шаңыңдан,
Сактай көр кырсык, каарыңдан.
Өзгөчө айкөл жаныбар,
Жыл болчу эстеп, сагынаар.

Кылымдын шыпкап аягын,
Кыйлага жетип кабарың.
Кыргызым ишке жарады,
Оңолуп эркин аралын.

Кыйынга турду таалайы,
Кыйналып жатат далайы.
Айдайсың кайсы тарапка,
Азаттык күндүн шамалы?

Куурулуп катуу заманы,
Түйүлөт элдин кабагы.
Кабылан-шердей иштесек,
Оңолоор турмуш абалы.

Бузбайлы ойду, санааны,
Болоттой курчуп жаңалы.
Башкача бизде арга жок.
Бир дайра болуп агалы.

Кабылан жылды кайрадан,
Калайык-калкым, тосолу.
Каалашып сүйүү, ден соолук,
Көңүлдүү ырдан созолу.
Келечек, үмүт, көз ирмем,
Өзүңдү ырга кошолу.

*25.12.1997-жыл, Тегеран*

## Аяз ата

Саламатсыз, Аяз ата!
Ден соолуктар  жакшыбы?
Көтөрө албай келатыпсыз,
Бизге арнаган бактыны.

Аман-эсен көрүшкөнгө,
Учурашсак кучактап.
Алып келген белектерге,
Айтабыз зор ырахмат!

Аяз ата келсе экен деп,
Мен да күтүп шашылам.
Атама окшоп күчтүү болуп,
Чоңойсом дейм батыраак.

Кубанычта кол кармашып,
Достор бүгүн ырдашат.

Өзүң берген белекти алып,
Чоң-кичине жыргашат.

Жаңы жылды куттукташып,
Кубанычта жер жүзү.
Дайым сизди коштоп жүрсүн,
Бөбөктөрдүн күлкүсү!

*1998-жыл, Тегеран*

## Аялзатка

Ардактуу касиеттиң Эне деген.
Ажары ааламдын сени менен.
Айтамын куттуу болсун чын жүрөктөн,
Майрамың жаз жытганып кирип келген.

Жигиттин жарашыгы жандап жүргөн,
Жүрөктүн кубанычы энеси сүйгөн.
Жайнатып бүчүрлөрүн ачып турган,
Табият табышмагы артык гүлдөн.

Мээнеттин чексиз оор арабасы,
Мезгилдин сага койгон таразасы.
Майданда жашоо үчүн жанды аябас,
Теңдешсиз бийик эне даражасы.

Күнүмдүк кыйналганга карабачы,
Күлкүңдү сүйгөнүңдөн аябачы.
Күн нуру теңтайлашкан мээриминден,
Күлүңдөйт ыйык сүйүү мунарасы.

Булгабай энелердин аты-затын,
Курбулар, бололучу айга жакын.

Бүрдөгөн саябалуу гүлбагыңды,
Балдардын күлкүлөрү араласын.

Талпынып, таалай издеп толкуп актың,
Түбөлүк тирүүлүктүн отун жактың.
Жылынган жүрөгүңдөн бүт жер жүзү,
Жашоонун берекеси аялзатым!

***Тегеран***

## Гүлдөр

О, гүлдөр, оюмду бузбачы,
Онойбу жүрөктүн сыздашы.
Өзүңдө өзгөчө сулуулук,
Өкүнтөт жашооңдун кыскасы,
Өкүнтөт өмүрдүн кыскасы.

Кулпунуп көзүңдү кыспачы,
Көңүлдү эргитип учпачы.
Кулгүндөй өмүрлөр күнүмдүк,
Экени эсиңден чыкпасын.

Укпачы, кебимди укпачы,
Убайым санаасын жутпачы.
Кыйналбай эртеңки күнүңө,
Керилип кебелбей уктачы.

Келесиң жылыга жаз менен,
Кеп эмес жашооңдун кыскасы.
О, гүлдөр, оюмду бузбачы!

***29.05.1998-жыл, Тегеран***

## Мажүрүм тал

Жалгыздап турган караанын,
Жан-дилим менен аядым.
Санаалаш жандай сырдашып.
Саамайын сылап тарадым.

Келемин басып күнүгө,
Мажүрүм талдын түбүнө.
Жалоорун ойлуу, санаалуу,
Күткөнсүйт ал да сүйүнө.

Сураймын секин абалын.
Суз тартат неге кабагын?
Форумун бузуп, бозорбо,
Бул турмуш сүйбөйт чабалын.

Суранам, сулуу дарагым,
Сумсайбай өйдө карагын.
Көгөргөн асман, жарык күн,
Жашоонун берет кабарын.

Кычырап аяз чыйралткан,
Күндөрүң калды кыйнаган.
Жарпыңды жазып жаз келди,
Бүчүрүн тагып сыйлаган.

Жалбарып жүзүң өпкүлөйт,
Жан досуң - шамал туйлаган.
Куштардын үнүн тыңшачы,
Кубаныч ырын ырдаган.

Сагынбай токой, талааны,
Суктантып күлө карагын.
Жашоодон алып ырахат,
Жайнасын жашыл жамалың.

Селкиге окшош карааның,
Сезимге бүлүк саласың.
Серпилген саамай чачтарың,
Сергитет көңүл жарасын.

Табият койгон талабын,
Аткарып, туура барасың.
Табына, назик тилегиң,
Таппайсың издеп карасын.

Келемин басып күнүгө,
Мажүрүм талдын түбүнө.
Сезимге сүртүп сулуулук,
Сырдашып калам сүйүнө...

*30.03.1998-жыл, Тегеран*

## Сен менен көрөйүн

Торгойдой таңшытып,
Жүрөктү эзейин.
Таң менен кечикпей,
Сүйүүмө жетейин.

Жүгүрүп келейин,
Жүзүңдөн өбөйүн.

Жалындап махабат,
Жандырып берейин.

Жайнаган жоогазын,
Жолуңа чачайын.
Жаралган жарымсың,
Мага деп атайын.

Жыргалым, сен үчүн,
Жоктон бар жасайын.
Жылдызды алып берип,
Көңүлүң ачайын.

Сыйкырдын керемет,
Нуруна бөлөйүн.
Жашоонун жыргалын,
Сен менен көрөйүн.

Сүйүүнүн жыргалын,
Сен менен бөлөйүн!..

*2005-жыл, март, Бишкек*

## Жакшылыктан түңүлбө
(Атабыздын операция күнүнө)

Убайымдуу өтсө күндөр сүйүнөмүн,
Улутуна жакшылыктан түңүлбөдүм.
Улукманым, берс коргүн аябастан,
Урматтаган жолдошума узун өмүр!

Капалыкка алдырбай карма өзүн,
Кайратынан жанбасын айткан сөзүң.

Күндүгүнө жорго мин, курсун дүйнө,
Күлүп койчу жайнатып эки козуң.

Кудай буюруп - тилектер колго тийип,
Кубанычтан коколоп ойноп-күлүп,
Кучагында бактынын термелээрбиз,
Кумарлана жашоону канбай сүйүп.

*29.09.1997-жыл, Москва*

## Ойлосоң

Күн өтсө жылып, күн келет жаңы,
Күндөйүм, айтчы, күтөмбү дагы?
Күмөндөр кылып күлүңдөн коюп,
Күлгүндөй жашка болдуң го дары.

Ай өтсө жылып, ай келет жаңы,
Айдайым, айтчы, келемби дагы?
Ачыгын айтпай - анан деп жүрүп,
Арзыган жанга болдуң го дары.

Жыл өтсө жылып, жыл келет жаңы,
Жыпарын чачпайт жаштыктын багы,
Жылдыздай жанып жанаша тоссок,
Жаркырап аткан махабат таңын.

Толкуса ташып жаштыгың бүгүн,
Түгөнбөйт дебе өмүрдүн гүлүн.
Түбөлүк эмес, түбү жок дайра,
Тагдырга күнөө койбойлу кийин...

*Тегеран*

## Күтөм сени

Сен деп жүрөк ооруду,
Эч ким жардам бере албас.
Сенсиз көңүл караңгы.
Эч ким жарык кыла албас.

*Кайырма:*
Кечээ эле чогуу элек,
Мына бүгүн сен кеттиң.
Кайда кеттиң, кантип кеттиң?
О, менин сүйүктүүм!

Күндө күтүп күндөр үзбөй,
Кусаланып сагынам.
Тыңшайм сенин табышыңды,
Кетпей эшик жанынан.

*Кайырма:*
Кечээ эле чогуу элек,
Мына бүгүн сен кеттиң.
Кайда кеттиң. кантип кеттиң?
О, менин сүйүктүүм!

Катачылык кеткен чыгаар,
Кылыгыңа жан күйгөн.
Кирип келчи букет кармап,
Гүлдөрүңдү мен сүйгөн.

*Кайырма:*
Кечээ эле чогуу элек,
Мына бүгүн сен кеттиң.
Кайда кеттиң. кантип кеттиң?
О, менин сүйүктүүм!

***Бишкек***

## Уйку качат

Уйку качат, кайда шашат?
Уктай албай баш катат.
Өйдө-төмөн чиеленген,
Сары-санаа - ой басат.

Асылышып ойлор менен,
Аягында калам чарчап.
Ал аңгыча Чыгыш жактан,
Аппак болуп тан да атат.

Боло берет мындай түндөр,
Калган кезде көп жашап.
Көрсө, адам уйкудан да,
Калат тура бат тажап.

Мени таштап уйку качат,
Сапар чегип кайда шашат?
Сараң бол деп убакытыңа,
Сарамжалын айтып жатат.

## Гүлазык
(Поэзияга)

Айланып көккө соноор белең,
Ай, жылдыз, күнгө коноор береӊ?
Чаалыккан жанга гүлазык болуп,
Суусундай зам-зам болоор белең?

Аязда суукка тоңоор белең,
Ак мөңгү зоодо болоор белең?
Артынып бакыт, ак сүйүү тандап,
Кайрылып жерге коноор белең?

Көкөлөп учуп, ойлорум кызык,
Гүлазык болуп, жашоону ысыт.
Жүрөктүн гүлү – сүйүүнүн шири,
Тазалай бергин жолотпой кирди!

Кумурска, таш да - табият башка.
Керемет күүлөр музыка баштап.
Аруулук сезим жараткан күчтөр,
Арбалып турам кете албай таштап.

***22.10.2002-жыл, Бишкек***

## Кымбат экен

Эркелеп жашайлычы ааламдын кучагында,
Эртелеп түшпөйлүчү ажалдын тузагына.
Жамгырдай жакшылыктар, себеле убагында,
Шактагы мөмөлөрүң батпасын бутагына.

Күрпүлдөп кулак тунат шаштырса өмүр дайра,
Тумчугуп аласалып келатам мен да сайда...
Аракет текке кетпей, акыры жеңилдене,
Эмгектен тапкан жеңиш жашартты мени кайра.

Өмүрдүн улуу жолу үзүлсө – өкүнүчтүү,
Суктанткан сулуулукту калтыруу – андан күчтүү
Өчпөсүн өмүрүбүз кыялда куру-бекер,
Келечек муундарга ачалы жолду кенен.
Бактысы урпактардын баарынан кымбат экен!..

***2021-жыл, октябрь***

# COVID-19

Бүтөбү качан, айткыла,
Карантиндин аягы?
Сагынткан жаздын күнү да,
Жылмайгансыйт аялуу.

Капырай, кандай күн келди,
Коркунуч басты элдерди.
Келиптир дейт вирустар,
Карыларды тергени.

Чаңдатып кандай күн келди,
Чочутуп салды дүйнөнү.
Чабуулга өттү вирустар,
Чабалдарды жеңгени.

Ашып-ташып кетти окшойт,
Адамдардын катасы.
Алып калдык көрүнөт,
Жараткандын жазасын.

Табият берген белгисин,
Түшүнүп туура жашайлы.
Май баскан көздөр ачылып,
Турмушка аяр карайлы.

Жаштар аман болушсун,
Таза болсун конушун.
Жаратkандан сураныч:
Аалам, адам достошуп,
Аман-эсен болушсун!

*5.04.2020-жыл*

## Атаганат

Өмүр, өлүм жандап жүрсө жанаша,
Күндөрүңдү күтүп турса талаша.
Батаар күндүн билсе дагы аягын,
Кайран өмүр адамдарга тамаша.

Атаганат, намыска бир жараса,
Ойго келбес жоруктарын караса,
Рейхстагга Жеңиш туусун сайгандай,
Кыска өмүрүн зор максатка арнаса.

Көралбастык, ичи тардык, ач көздүк,
Түп-тамырын жулуп салып – торгосок,
Адамзаттын көптөн күткөн үмүтү,
Тилектери, сүйүнүчү орномок.

Эл башчылар кан көксөшүп чуркаган,
Ракета, бомбаларын коркутушуп булгаган,
Дайраларын доллардын согуштарга жумшаган,
Атаганат, элге бурса турмуш болмок жыргаган.

Толуп кетти адам түспөл чөө-түлкүлөр жайнаган,
Кайда кетти эл-жер үчүн эмгектенген кайрандар?
Жашоо токтоп, чөлгө айланса жерлерибиз кууранган,
Мына ошондо жай алышат эсиришкен айбандар!
Атаганат, бүтпөйт окшойт айта берсек армандар...

*2021-жыл*

## Ааламдай кенен Эне жүрөгү жөнүндө баян

*Айымдардын лирика аралаш - океан-деңиздей түйшүк проблемаларынын бир тамчысын жүрөктөн чыккан сезимдерим менен эскерем*

Айлакер болсо ишенген күйөө,
Жалганды айтып жазгырат күндө.
Каалаиса келет. каалаиса келбейт,
Чер жазып ойноп ар кайсы үйдө.

Армансыз арак оозуна куят,
Ойлобойт, чиркин, болом деп уят.
Адамдык сапат жоголгон пебак,
Айбандык сезим азгырып турат.

Күйөөнүн койгон азаптуу шартын,
Жаныңды кыйнап сабырдуу тарттың.
Жеткенче жигит сөздөрү алтын,
Чандасы билет жарыпын баркын.

Жандалбас уруп, чөккөндө көңүл,
Кече албайт жалгыз жашоонун көлүн.
Жалбарып анда суранаар элең,
Жараткан бер деп балдарга өмүр.

Калаарда чындап үй-бүлө кыйрап,
Борошо уруп, балдарың ыйлап,
Жүрөктү сууруп жылытып турдуң,
Тозоктун даана отуна чыдап.

Түпкүрдөн жарык теңирим берди,
Сабырдын түбү - сары алтын жеңди.

Бактылуу өтсө балалык сенде,
Чыдаган эне сүйүүсү дегин.

*2013-жыл, март*

## Жаз

Жадырап-жайнап,
Жаз келди кайра.
Жар салат жазды,
Күрпүлдөп дайра.
Өмүрдүн жазын,
Өткөрүп ийбе.
Таппайсың издеп,
Кайда деп, кайда?

Мээнеткеч жаздын,
Мээрими кандай.
Мелмилдеп жаткан,
Керемет жайдай.
Черткилеп жүрөк,
Кылдарын терип,
Чер жазып ойнойт.
Сүйүшкөн жардай.

Толсун деп тилеп,
Жүрөктө боштук.
Күттүргөн жазды,
Кубаныш тостук.
Алкагын жердин,
Гүлчамбар ороп,
Ааламда болсун.
Махабат, достук.

## Кыздарга

*"Эркектен да, аялдын бузулганы жаман. Себеби, аял-заттын даңкы бийик"*

***Томас Фулер (1654-1734), англис ойчулу***

Жашчылык, назчылыктын,
Дабасын билесиңби?
Арзуулар, айрылуулар,
Жарасын билесиңби?

Эне деп дүңгүрөгөн,
Даңкыңды билесиңби?
Азамат көколоткон,
Баркыңды билесиңби?

Ыйык деп кастарлаган,
Ыйманың билесиңби?
Ырыскы-берекени,
Жыйнаарың билесиңби?

Саамайы улуу деген,
Салтыңды билесиңби?
Сен үчүн өмүрлөрүн,
Саярын билесиңби?

Чатактуу чабыштардын,
Чыкканын билесиңби?
Күнөөсүз эрдин каны,
Акканын билесиңби?

Ааламда сулуулукту,
Күндөгү жылуулукту,
Жердеги молчулукту,
Теңээриң билесиңби?

Оюңдун тунуктугун,
Акылдын бийиктигин,
Асманга, деңиздерге,
Окшотот, билесиңби?

Сабырдуу аялзаттын,
Салмагын билесиңби?
Сандыкта сары алтынын,
Түшүнбөй жүрөсүңбү?

Доорлор өтсө дагы,
Жер бети көчсө дагы,
Сүйүүсү Энелердин,
Өчпөсүн билесиңби?

Шерлерди, алптарды да,
Көсөмдү, залкарды да,
Сакадай энелердин,
Тапканын билесиңби?

Өлкөнүн өскөнү да,
Чептердин бекеми да.
Селкинин сүйүүсүндө,
Болоорун билесиңби?

Жараткан жаратса да,
Кыздарды гүлдөй назик,
Коюлган оор милдет,
Жүрсөңөр дайым сезип.

Жылдыздай Алтын казык,
Туруктуу турсаң жанып,
Тозоктун тозогу да,
Таппастыр сенден айып.

Ошондо сулуусуңар,
Ошондо улуусуңар.
Бардыгы орундалып.
Бактылуу болосуңар.

Алган жар, элиңерди,
Таалайлуу кыласыңар.
Жомокто, дастандарда,
Айтылып турасыңар.

Төгөрөк төп болгонго,
Түздөн-түз акылуусуң.
Кыз болуп, эне болуп төрөлгөнгө,
Чынында бактылуусуң!

## Кадырына жетпедик

Мен сүйүүнү түбөлүк деп жүрүпмүн,
Жүрөгүмө зор кубаныч үйүпмүн.
Махабаттын мөлтүр тунук булагы,
Булганаарын аны кайдан билипмин.

Өкүнүчтөр көп болот бул өмүрдө,
Өрт чалдыкса өтө назик көңүлгө.
Сен мактансаң көңүлдөштөр көбүнө,
Мен ырдаймын ыйык сүйүүм жөнүндө.

Баскан жолум туура эмеспи, туурабы,
Керек беле эч себепсиз кыйналуу.
Кабылсам да калбырына турмуштун,
Келип турду намыстанып чыйралуу.

Же сеники, же меники туурабы?
Кеп кылбайлы эми алар тууралуу.

Ачылбастан аппак аруу сезимдер,
Суу жетпеген гүл сыяктуу куурады.
Ачуу суроо көкүрөктө кайталап,
Жооп таба албай, бассам-турсам кыйнады.

*2001-жыл*

## Багынбадың

Турмуш курдуң сүйгөн жарга көңүлдөн,
Жигит эле ал да жапжаш керилген.
Көрсө, аның туругу жок жан экен,
Сүйө берген аялзатын көрүнгөн.

Салкын тартып үйүңөрдө жылуулук,
Агып жатты башкаларга бурулуп.
Карегинен атып чыккан жебелер,
Алсыратты жүрөгүңө урулуп.

Эстен кетпес кумсаңдаган ырайы,
Өзүмчүлдүк, өкүмзарлык кыялы.
Багынбастан баатырларча кармашып,
Балдар үчүн бардыгына чыдадың.

Аттиң, өмүр кете бердиң шатырап,
Алмаздарың барк алынбай чачырап.
Тогуз баллдын толкунунда турмуштун,
Тулку боюң сыноолордон бачырап.

Милдетиңди аткарганың энелик,
Ошол сезим келет дайым дем берип.
Балдарыңдын күлкүлөрү бактылуу,
Кубанасың кайраттанып, шерденип.

Багынбастан баатырларча кармашып,
Балдар үчүн бардыгына чыдадың.

*2000-жыл*

## Таарынба

Таарынбагын куру-бекер өпкөлөп,
Көңүл калса бүт бардыгы өзгөрөт.
Жүрөктөгү толкуп-ташкан махабат,
Чайкай берсе, ал да соолуп - бөксөрөт.

Тарткан өңдүү чындап эле убайым,
Баштагыдай жанбайсың деп сурадың.
Караңгыда чарк айланган көпөлөк,
Боло албадың жарык чачкан чырагым.

Үзүндүсүн сезимдердин чубалтып,
Суктанарлык сырдуу килем курадым.
Өмүрлөштөр өтчү улуу сапарда,
Боло албадың жүрөктөшүм, ынагым.
Безеленген булбул үнүн шактагы,
Кусалыгын мен түшүнүп турамын.

*2010-жыл*

## Неге?

Жашоондо сен жаңылдыңбы, жаздыңбы,
Жалкоолонуп түйшүктөрдөн качтыңбы?,
Аруулукту асмандата көтөрүп,
Алганыңдан урмат-сыйды таптыңбы?

Кармадым деп таалайыңды-бактыңды,
Кур дүйнөнүн кучагында бастыңбы?
Сүйбөгөнгө сүйгөнүңдү билдирип,
Жүрөк отун аябастан чачтыңбы?

Неге эрте жайкы таңга кеч кирди,
Неге балга ачуу уулар септирди?
Көңүл кушун көкөлөткөн күндөрүң,
Сезимдерди козгой албай эскирди...

Неге, неге, неге деген суроолор,
Жооп таба албай жүрөгүңдү эздиңби?

*2012-жыл, Бишкек*

## Чабалдык кылдың эмнеге?

(Туруксуз мырзаларга)

Жашаппыз бир топ жылдар, о Кудай ай,
Жамандык ойго келбей аппак кардай.
Жазгырып, жойпуланып, сыр билдирбей,
Жүрүпсүң ынандырып сүйгөн жардай.

Ызада өтчү күндөр али далай,
Ырмайып чыдай берем, эми ыйлабай.
Жүрөгүң жүрөк болсо эзилээрсиң,
Жүрсөң да кебелбестен мени сынай.

Жарышып туурунан учту балдар,
Жакшылык чогуу көргөн кандай жыргал.
Жашында пайгамбардын жаңылыпсың,
Озүңсүз өтө берсин эми жылдар.

Күрөшөм күндө келчү күнүм үчүн,
Күүгүмдөп - кирдеп калган сүйүүм үчүн.
Чалкыган тилектерге жеткирбедиң,
Чабалдык кылдың экен эмне үчүн?

*2000-жыл*

## Кош бол эми

Сүйгөн экем сүйөт деген ушу деп,
Күйгөн экем махабаттын күчү деп.
Ачуу-таттуу сыноосунан турмуштун,
Тайгаланбай алып өтөөр кишим деп.

Көрсө, жашоо бүтпөс дастан, чоң жомок,
Бакыт болсо – жыпжылгаяк, тоголок.
Арзыгандын баары жетпейт жылдызга,
Майда сүйүү майдаланып жоголот.

Жумуш көп деп шылтоо кылып күнүгө,
Үйдөн безип кетээр элең жүгүрө.
Каректерим караңгыга талытып,
Күтөөр элем терезенин түбүндө.

Өткөргөмүн турмуштун чоң мектебин,
Өркөчтөнгөн дайрасынан кечкемин.
Жаш баладай айтканыңа ишенип,
Арам ойлоп, алдаганың сезбедим.

Ошол менин жаш кайыңдай кездерим,
Күндө өзүңдү күтүп жүрүп өткөмүн.
Көңүл чөгүп, капаланып турсам да,
Ачуу күлүп, баёолугум эстедим.
Пешенеге энелердин жазылган,
Кош бол эми, санааркаган кечтерим.

*2013-жыл*

## Махабатка

Гүлдөй назик бапестеп баккан элем,
Көз тийгизбей көмүскө каткан элем.
Көптүн бири коштурбай катарына,
Көктөн нурун жылдыздай чачса дегем.

Алгыр куштун боосун тартсам дегем,
Арыбаган аргымак чапсам дегем.
Арулукту ардактап күтө билген,
Жан-дүйнөнүн жан досун тапсам дегем.

Көңүл калуу жашооңду жандадыбы,
Күткөн күндөр үмүтүң алдадыбы?
Жараланган кийиктей улуу тоодо,
Жүрөсүңбү айталбай арманыңды?

Махабатым, эркиндик сагынбагын.
Сезимдерди тоңдурбай жалындагын.
Арданып, арган кетип жүрсөң дагы.
Ардагым, ак жолуңдан жаңылбагын.
Сулуулугу ааламдын өзүң менен.
Сары алтындай салмагыңдан айрылбагын.

*2015-жыл*

## Кайрылчы, бактылуу жылдарым

Эки түр жүзүңдү көрсөтүп,
Эзилтип жүрөктү кыйнадын.
Өктөмдүү мүнөзүң өчүргөн.
Өткөнүн сүйүүнүн туйбадын.

Убайым күндөрдү өткөрүп,
Угузбай көмүскө ыйладым.

Уул-кыз ортодо өсту деп,
Ууздай сүйүүмдү сыйладым.

Үлбүрөп үзүгү үзүлгөн,
Үйүмдү үйрүлүп жыйнадым.
Үмүтүм өчүрбөй өзүңдөн,
Билигин көтөрүп, кыйбадым.

Ашканда өмүрдүн кырларын.
Татаарда жашоонун жыргалын,
Кутмандуу куракка жеткенде,
Качпачы, кайрылчы, бактылуу жылдарым!

## Арзуулар кетет каякка?

Жүрөктөр кечээ сүйүшкөн,
Өлөм деп чуркап жүрүшкөн.
Өзгөрүп бүгүн сезимдер,
Душмандай муштум түйүшкөн.

Жалындап оту жаналбай.
Туруксуз соккон шамалдай.
Сулуудан сулуу тандашып.
Жигиттер дайнын табалбай.

Жүздөрүн миң бир кубултуп.
Жанын жеп калпты чубуртуп,
Жазгырып жүрсө жанында,
Жашоонун демин суутуп.

Арзуулар кетет каякка -
Азгырык болгон тарапка.
Аттин ай, өмүр өтчөсү,
Жүрөккө салбай жарака.

Чабал жан болсо алганы,
Чаңында жашоо калат да.
Бактылуу жашап жыргабай,
Балээни башка салат да.

*2013-жыл*

## Арзуусун ак куу эстейли

Кубантып ар бир күндөрүн,
Эркеси болуп дүйнөнүн,
Арзуунун антын унутуп,
Алдабас болсо сүйгөнүң.

Алтындай жардын кадырын,
Түшүрүп, аны тепсейби.
Ардактап турса алганын,
Асманга колуң жетпейби.

Айбан да болсо алмашпас,
Арзуусун ак куу эстейли.
Арам иш жасоо болбоско,
Акылы адам жетпейби.

Бактысын келген бүлдүрүп,
Жатканын өзү сезбейби.
Дыйкандай аяр өстүрүп,
Махабат гүлүн сеппейби.

Турмуштун ыйык сересин,
Татыктуу жүрүп өтпөйбү.
Балчыкта суудан ичкенче,
Арданып өлүп кетпейби.

Алганын салбай азапка,
Азгырык торун теппейби.
Бактысы үчүн балдардын,
Кумарын жандын издебей,
Чымындай жандан кечпейби.

Айбан да болсо алмашпас,
Арзуусун ак куу эстейли...

***2015-жыл, март, Бишкек***

## Гүл болчу

Жаштыктын жапжашыл талаасында,
Жашаган сыйкырлуу калаасында.
Жар салган ааламга сулуулукту,
Гүл болчу гүлдөрдүн арасында.

Уюткан бир көргөн санаасына,
Турпатың суйкайып карашыңда.
Махабат дартына даба болгон,
Гүл болчу гүлдөрдүн арасында.

Маанайың жадырап-жайнасын да,
Бутакта булбулдар сайрасын да .
Кетээрбиз агылып кези келсе,
Өмүрдүн чамынган дайрасында.
Жар салган ааламга сулуукту,
Гүл болчу гүлдөрдүн арасында!

***2015-жыл***

## Күлүп кой

Күлүп кой көңүлдү улап,
Күндөрүм өтсүнчү куунак.
Кымбатым көргөндө сени,
Каламын кубанып - жыргап.

Ал-жайды жүрсөңчү сурап,
Арзуунун буроосун бурап.
Ааламды айлангым келет,
Алдымда күйсөң сен чырак.

Жер шарын айлангым келет,
Жолумда жансаң сен чырак.

Өткөрүп күндөрдү чубап,
Өткүндөй керемет убак.
Өртүнө махабат күйбөй,
Өткөрсөн, таппайсың сурап.
Күлүп кой көңүлдү улап...

## Жетпеген сүйүү

Кызыкпы сүйүү жетпеген,
Кызганыч көлүн кечпеген.
Кыйчалыш турмуш жолунда,
Кыйналып азап чекпеген.

Өзгөчө сүйүү жетпеген,
Өткөнчө өмүр эстеген.
Өмүрлүк жары турса да,
Өкүнүч сезим тепсеген.

Жарышып жылдар өтсө да,
Жарын анын өчпөгөн.
Жамалын жанга теңебей,
Жалооруп карайт көз менен.

Турмуштун татаал оюну,
Туурадыр, балким, жетпеген.
Түш болуп азап жегенче,
Айтыла берсин сөз менен.
Кошулуп азап тартканча,
Кыялда калсын эңсеген...

*2015-жыл*

# Мазмуну

Жарык дүйнө, сен кымбатсың....................................................3
Закым....................................................................................4
Кыйнабагын...........................................................................5
Ысык-Көл ..............................................................................5
Асман – жер, эркек – аял.......................................................6
Тегеран .................................................................................9
Тегерандын ысыгы...............................................................10
Персеполис...........................................................................11
Перси жигитке......................................................................13
Карлыгач .............................................................................14
Кыялдануу ...........................................................................16
Чакырат асман .....................................................................18
Тегеран ................................................................................20
Искусствого..........................................................................21
Касиеттүү аралым ................................................................22
Жылдыз тура асмандагы......................................................24
Эстетип тураар .....................................................................25
Ыраазы болсоң өмүргө.........................................................26
Каспий деңизи......................................................................26
Өкүнөмүн.............................................................................30
Качкындар............................................................................31
Иран кызына .......................................................................32
Тегерандын оттору...............................................................33
Өтүнөмүн.............................................................................35
Арасында жарышып келем көптүн......................................35
Кечикпе ...............................................................................36
Жашоого карыз болбойлу.....................................................37
Сүрөтүңө..............................................................................38
Вена шаары..........................................................................39
Жылдызы жандын өчпөсүн .................................................41
Акаевдер заманы..................................................................41

Чыгабы Путин кыргыздан?........................................................43
Жоогазыным, баатырым........................................................45
Сагынуу........................................................46
Дүйнөгө келдик неге?........................................................46
Жашоо жарышы ........................................................47
Адам........................................................48
Барскоон капчыгайы........................................................49
Энелерге кайрылуу........................................................51
Сен токтобо........................................................54
Генийди да булгадын ........................................................55
Кичинекей сүйүүм ай ........................................................56
Жолоочу........................................................56
Төрөлгөнсүң согушта........................................................58
Бул – дүйнө........................................................60
Көргүм келди ........................................................61
Кошулам бир күн агылып........................................................64
Тагдырдын белеги........................................................65
Кечигип сага жолуккам ........................................................67
Түгөйүмө........................................................68
Кадырлашып өтөлү........................................................70
Жолдор........................................................71
Издеймин ........................................................72
Кыргызымдын көк асаба - желеги ........................................................74
Жан жөнүндө элегия ........................................................75
Өмүр көчү ........................................................77
Карылык ........................................................79
Адам баркы........................................................80
Персия – сулуу өлкө........................................................80
Курбуларга........................................................82
Жүрөк........................................................83
Кечиргин........................................................84
Адам – асыл!........................................................84
Кактус гүлдөрү ........................................................85

Жашоого жармашып жүргөн кезим........................................86
Сыйлап жүр..........................................................................87
Жашоо демим........................................................................88
Калыстык...............................................................................89
Пайда жок.............................................................................89
Торгой...................................................................................90
Жашоо жарышы.....................................................................91
Ой толгоо...............................................................................91
Табамбы?...............................................................................92
Альпинистке..........................................................................93
Эх, эркектер! ..........................................................................94
Балдарымдын балдары ойносо экен ......................................98
Сүйгөнүңө жеткениңе сүйүнбө .............................................101
Эстеликтер калтырганга шашалы..........................................101
Сүйүү боёктору.....................................................................102
Жаштык ...............................................................................103
Шаарым бар..........................................................................104
Календарь.............................................................................105
Каалайм ак жол.....................................................................106
Жашоонун баркын билели ...................................................108
Калама .................................................................................110
Тагдыр..................................................................................112
Бишкекке кат .......................................................................113
Мезгил кайрыктары ..............................................................115
Жалдыратпа..........................................................................116
Өлтүрдүң жүрөктү сөз менен ...............................................117
Тегеран кайрыктары.............................................................118
Курма терген келинге ..........................................................119
Ак кептер..............................................................................120
Ким экен анан, мен эмей! ....................................................121
Небере..................................................................................122
Атама ант берем ..................................................................124
Ак роза гүлү.........................................................................125

Тереза, улук Апажан....126
Жериме келди жаңы жыл....128
Аяз ата....129
Аялзатка....130
Гүлдөр....131
Мажүрүм тал....132
Сен менен көрөйүн....133
Жакшылыктан түңүлбө....134
Ойлосоң....135
Күтөм сени....136
Уйку качат....137
Гүлазык....137
Кымбат экен....138
COVID-19....139
Атаганат....140
Ааламдай кенен Эне жүрөгү жөнүндө баян....141
Жаз....142
Кыздарга....143
Кадырына жетпедик....145
Багынбадын....146
Таарынба....147
Неге?....147
Чабалдык кылдың эмнеге?....148
Кош бол эми....149
Махабатка....150
Кайрылчы, бактылуу жылдарым....150
Арзуусун ак куу эстейли....152
Гүл болчу....153
Күлүп кой....154
Жетпеген сүйүү....154

**Чолпон АСЕЙИНОВА**

# Гулазык

Жооптуу редактору - Мундузбек Тентимишев
Компьютерде терген- Каныбек Мундузбеков
Компьютердик калыпка салган жана жасалгалаган - Андрей Абрамов

Нускасы-200

ОсОО Издательский дом «Салам»
г. Бишкек, ул. Гоголя, 120;
Тел.: (+996 312) 68-01-35
E-mail: id_salam@mail.ru